# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн «География» предмети боюнча предметтик стандарт

Бишкек - 2018

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн «ГЕОГРАФИЯ» предмети боюнча предметтик стандарт**

**Мазмуну**


1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР ........ 3
1.1. ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТТЫН МАКАМЫ ЖАНА ТҮЗҮЛҮШҮ ........ 3
1.2. НЕГИЗГИ ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТЕРДИН СИСТЕМАСЫ ........ 4
1.3. НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР ЖАНА ТЕРМИНДЕР ........ 4
2-БӨЛҮМ. «ГЕОГРАФИЯ» ПРЕДМЕТИНИН КОНЦЕПЦИЯСЫ ........ 6
2.1. ГЕОГРАФИЯНЫ ОКУТУУНУН МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ ........ 7
2.2. ПРЕДМЕТТИН ТҮЗҮЛҮШҮНҮН МЕТОДОЛОГИЯСЫ ........ 9
2.3. НЕГИЗГИ ЖАНА ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР ........ 10
2.4. НЕГИЗГИ ЖАНА ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨРДҮН БАЙЛАНЫШЫ ........ 11
2.5. МАЗМУНДУК ТИЛКЕЛЕР. ОКУУ МАТЕРИАЛЫН МАЗМУНДУК ТИЛКЕЛЕР ЖАНА КЛАССТАР БОЮНЧА БӨЛҮШТҮРҮҮ ........ 12
2.6. ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШТАР. ӨТМӨ ТЕМАТИКАЛЫК ТИЛКЕЛЕР. ........ 14
3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО ........ 15
3.1. КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАР ЖАНА КӨРСӨТКҮЧТӨР ........ 15
3.2. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛООНУН НЕГИЗГИ СТРАТЕГИЯЛАРЫ ........ 22
4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАРАЯНЫН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР ........ 30
4.1. «ГЕОГРАФИЯ» ПРЕДМЕТИН РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР ........ 30
4.2. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ОКУУ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ ........ 31
ГЕОГРАФИЯ: ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА 10-11 - КЛАССЫ ҮЧҮН ПРОГРАММА (БАЗАЛЫК ДЕҢГЭЭЛ) ........ 36

# 1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Предметтик стандарттын макамы жана түзүлүшү

Кыргыз Республикасынын жалпы орто билим берүүчү уюмдарындагы «География» боюнча предметтик стандарт Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» Мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июнундагы № 403-Токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартынын» негизинде иштелип чыккан. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн «География» предмети боюнча предметтик стандарт – окуучулардын билим алуусунун натыйжаларын, «География» предметинин алкагында аларга жетишүүнүн жана ченөөнүн ыкмаларын жөнгө салуучу документ.

Кыргыз Республикасынын мектептеринде 10-11-класстар үчүн география боюнча жалпы орто билим берүүчү предметтик стандарты төмөнкүлөрдү аныктайт:

- географиялык билим берүүнүн илимий-методикалык жактан макулдашылган артыкчылыктарын;
- 10-11-класстарда географияны окутуунун максаттары жана милдеттерин;
- негизги жана предметтик компетенциялардын тизмесин;
- 10-11-класстардын окуучуларынын географиялык билим алуусунун натыйжаларын баалоонун негизги принциптерин;
- мектептик географиялык билим берүүнүн уюштуруучулук жана методикалык өзгөчөлүктөрүн ж.б.

География боюнча Предметтик стандарт – ченемдик укуктук документ, ал:

- мектептик географиялык билим берүүнүн социалдык тармагында коюлган максаттарды жүзөгө ашырууну камсыздайт;
- 10-11-класстардын окуучулары үчүн «География» предмети боюнча билим берүү жараянын жөнгө салат;
- улуттук жана аймактык деңгээлдерде географиялык билим берүүнү өнүктүрүүнү камсыздайт.

Негизги билим берүү программаларынын алкагында мамлекеттик билим берүү стандартына окутуу формасына карабастан, билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрү шайкеш келиши керек.

Стандарттын жоболору төмөнкү билим берүү уюмдары тарабынан колдонууга жана сакталууга тийиш:

-тибине жана түрүнө карабастан Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мамлекеттик же жеке менчик уюмдарында;

-башталгыч жана орто кесиптик билим берүүчү уюмдарында;

-эл аралык билим берүүчү жана башка мамлекеттик, өкмөттүк эмес билим берүү уюмдарында;

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде;

-Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министирлигинин лицензиялоо бөлүмүндө;

-Улуттук тестирлөө борборунда;

-Кыргыз Билим берүү Академиясында жана башка мамлекеттик илимий изилдөө институттарында;

-билим берүү системасындагы кызматкерлерди кайра даярдоо жана билимин жогорулатуу институттарында (борборлордо, курстарда);

-мамлекеттик билим берүүнү башкаруунун аймактык органдарында;

-жергиликтүү мамлекеттик башкаруучулук жана жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарда.

### 1.2. Негизги ченемдик документтердин системасы

Ушул стандарт төмөнкү ченемдик документтердин негизинде түзүлгөн:

– Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (2003-жыл).

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.03.2012-жылдагы № 201 токтому менен бекитилген 2020-жылга чейин Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы.

– Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.07.2014-жылдагы № 403 токтому менен бекитилген мектептик жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандарты.

– КР ББжИМ 2015-жылдын 8-октябрындагы №1241/1 буйругу менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2017-2018-окуу жылына базистик окуу планы.

### 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

Ушул предметтик стандартта негизги түшүнүктөр жана терминдер төмөнкүдөй мааниде колдонулат:

**Айлана - чөйрө** – өз ара байланышкан табияттык, техногендик-табияттык, техногендик объекттердин жана кубулуштардын бүтүн системасы, адамдардын өмүрүнө, саламаттыгына, чарбачылык ишмердүүлүгүнө жана эс алуусуна таасир тийгизген табигый-жасалма реалдуулук.

**Географиялык маданият** – бул өзүнө дүйнөнүн географиялык сүрөтүн, географиялык ой-жүгүртүүнү, географиянын тилин жана усулдарын камтыган жалпы адамзаттык маданияттын бөлүгү.

**Географиялык компетенттүүлүк** – жергиликтүү, аймактык жана глобалдык деңгээлдерде жаратылыштын, калктын, чарбанын өнүгүүсүнүн мейкиндик аспектилерин жана себеп-натыйжа байланыштарын талдоо жөндөмдүүлүгү; географиялык картаны колдонуу, маданий-тарыхый жана социалдык-экономикалык аспектилерди бөлүп кароо менен эске тутуучу сыйымдуу образдарды (шаардын, жердин, аймактын, өлкөнүн, аймактын образы) жаратуу, географиялык жана маалыматтык мейкиндикте багыт алуу жөндөмдүүлүгү.

**Географиялык нигилизм** (Н.Н. Баранский боюнча) – географиялык чөйрөнүн ролун жетишсиз баалоо.

**Геомаданий мейкиндик (ГММ)** – бул ар түрдүү аймактык системалардын өз ара аракеттешүүсүнүн натыйжасында келип чыккан системалык аймактык билим берүү: табияттык (ЖАК – жаратылыштык-аймактык комплекс), экономикалык (ТӨК – территориалдык-өндүрүштүк комплекс), адамдардын аймактык жалпылыгы (ААЖ) ж.б. ГММ материалдык негизи болуп аймак, ал эми анын байланыштыруучу элементи – кеңири түшүнүктөгү материалдык, руханий жана социалдык-ченемдик бөлүктөр кирген маданият эсептелет. Маданият жана анын бөлүктөрү мейкиндиктик элестөөлөргө ээ жана бардык географиялык билим берүүгө кирип, аларды геомаданий билим берүүгө айландырышат: ЖАКга антропогендик (маданий) ландшафттар кирет; ТӨК толугу менен материалдык маданияттын элементтеринен турат; ААЖ бир эле учурда маданий өнүгүүнүн объекттери жана субъекттери болуу менен, социалдык-маданий ишмердүүлүктүн бөлүгү катары кызмат кылат.

**Географиялык ой жүгүртүү** – бул географиялык чындыкты чагылдырган, анын өнүгүүсүн өз ара аракеттешүүдө жана өз ара көз карандылыкта караган ой жүгүртүү.

**Геотехноморфологиялык чөйрө** – курчап турган чөйрөнүн курамдык бөлүгү, рельефтин табигый (табияттык) жана техногендик-шартталган формаларынын, ошондой эле техногендик, эндо - жана экзогендик факторлордун таасирин башынан өткөргөн жана адамга, анын чарбачылык ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизген инженердик курулмалардын жана механикалык түзмөктөрдүн, өзү жүрүүчү орнотмолордун жыйындысы.

**Геоэкологиялык компетенттүүлүк** – адамдардын, аймактардын жана жаратылыш чөйрөсүнүн ортосундагы өз ара байланыштардын татаал системасын баалоо, жаратылыштык-социалдык дүйнөгө нарктуу мамилени жаратуу жөндөмдүүлүгү. Ал төмөнкүдөй негизги бөлүктөр менен мүнөздөлөт: глобалдык жана аймактык экологиялык өзгөрүүлөрдү жана көйгөйлөрдү, келечекке божомолдорду, өз өлкөсүндөгү, дүйнөдөгү күтүлгөн терс жана оң таасирлерди талдай билүү билгичтиги; жаратылышты рационалдуу колдонуу жана айлана - чөйрөнү сактоо боюнча конкреттүү иш-аракеттерге даярдыгы жана айлана - чөйрөдө баамдалган адеп-ахлактык-укуктук жүрүм-турумга, даярдыгы.

экологиялык көйгөйлөрдүн гендердик аспектилерин жана эркектер менен аялдардын айлана - чөйрөдө өз ара аракеттенүүсүн (эмгекти жана үй эмгегин бөлүштүрүүнү камтуу менен) түшүнүүсү.

**Дүйнөнүн географиялык сүрөтү** – бул заманбап география тармагында изилдөөчүлүк жана практикалык иштердин жүрүшүндө алынган жана текшерилген илимий билимдердин негизинде жаткан географиялык маданияттын элементи жана ал адамдын жаратылыш жана коом.

**Коэволюция** – (co – сөз алдына жалгануучу аффикси, бир катар тилдерде "биргелешүү" деген маанини билдирет; лат, evolutio – өөрчүү) – заманбап илимде өнүгүп жаткан бүтүн системаны түзгөн элементтердин өз ара шартталган өзгөрүүлөрдүн механизмин белгилөө үчүн колдонулган термин.

**Социалдык-инсандык компетенттүүлүк** – реалдуу географиялык мейкиндикте ыңгайлашуу жана иш-аракет жасоо, инсандык максаттарды жана маанилерди аныктоо, аларды өз жашоосунда долбоорлоо жана жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгү Анын бөлүктөрү болуп төмөнкүлөр эсептелет: чыныгы турмушта жекече ийгиликтүү аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн баалоону билүү; өз өлкөсүндө (каалаган башка өлкөдө) ар кандай жашоо жагдайларында конструктивдүү коммуникациянын түрлөрүн колдоно билүү, маданияттар аралык толеранттуулук, географиялык жана геоэкологиялык билимдерди алууга жана колдонууга оң мотивация жана гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу.

**Туруктуу өнүгүү** – бул инновациялардын негизинде жаратылыштын, социумдун жана цивилизациянын туруктуу өнүгүүсү үчүн жаратылыш ресурстарын пайдалануу модели, анда айлана - чөйрөнү сактап калуу менен адамдын турмуштук керектөөлөрү канааттандырылат.

**Талдоо (анализ)** – объектилерди, көрүнүштөрдү же жараяндарды алардын белгилерин, касиеттерин, курамын, түзүлүшүн, алардын ортосундагы мамилелерди изилдөө.

**Экологиялык ой жүгүртүү** – бул адамдын табигый чөйрө менен табигый жана гуманитардык экологияга негизделген өз ара мамилелерин (байланыштар жана өз ара көзкарандылыктар) түшүнүү жана баалоо.

## 2-БӨЛҮМ. «ГЕОГРАФИЯ» ПРЕДМЕТИНИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

Жогорку класстарда (10-11-класстар) окуучулардын географиялык билим алуусунун жыйынтыктоочу курсу «Дүйнө географиясы. Өлкөлөр. Аймактар» мектептин бардык баскычтарында билим берүүнүн мазмунун интеграциялайт. Негизги мектепке карата улантуучулук буга чейин каралган кээ бир географиялык объекттерди тереңдетип окутуу жолу менен камсыз кылынат. Орто мектепте мектептик бардык география курсу үчүн интегративдүү функцияны аткаруучу башкы өзөктүү жана өтмө түшүнүгү «*Айлана - чөйрө*» болуп эсептелет.

Ушул стандартта жогорку класстарда географиялык билим берүүнүн базалык концепциясынын негизи катары Географиялык билим берүүнүн Эл аралык хартиясынын бирдиктүү жалпы документи (Боулдер ш., АКШ, 1992-жыл) кабыл алынган, ага ылайык окуу предмети катары география үчүн концептуалдуу болуп конкреттүү аймакка жараша адамдын жана айлана - чөйрөнүн өз ара аракеттешүү суроолорун түшүнүү эсептелет. Төмөндө бул маселелердин негизги мазмуну келтирилген.

Адамдардын жана объекттердин географиялык абалы (саясий-географиялык, экономикалык-географиялык) локалдык, аймактык, улуттук жана глобалдык өз ара көз карандылыктарды түшүнүүнүн зарыл шарттары катары каралат.

Географиялык объекттер жана аймактар, алардын ар кандай физикалык (рельеф, топурак, климат, дарыя жана көлдөр торчосу, өсүмдүктөр жана жаныбарлар дүйнөсү) жана социалдык (маданият, калк конуштары, социалдык-экономикалык системалар жана адамдардын диний жана философиялык ишенимине жараша жашоо образы) мүнөздөмөлөрү. Географиялык объекттердин физикалык мүнөздөмөлөрүн жана адамдын жашоосуна айлана - чөйрөнүн таасиринин мүнөзүн билүү адамдардын жана географиялык объекттердин өз ара аракеттешүүсүн түшүнүүнүн негизи болуп эсептелет.

Өзүнүн ишмердүүлүгүнүн мүнөздөмөсүндөгү айырмачылыктардан улам алар ар кандай маданий ландшафттарды түзгөнүн түшүнүүсүнө алып келген адамдын жана айлана - чөйрөнүн өз ара аракеттешүүсү. Бир жагынан алар айлана - чөйрөнүн физикалык мүнөздөмөлөрүнүн таасиринин алдында турушат, бирок, экинчи жагынан алар аны гармониянын ландшафтын жана чыр-чатактын ландшафтын камтыган маданий чөйрөгө өзгөртүшөт.

Жаратылыш ресурстары Жер үстүндө бирдей эмес таралгандыгын түшүнүүгө алып келген мейкиндиктик таратуу жана өз ара аракеттенүү. Дүйнөдөгү бир да өлкө өзүн бардык зарыл нерселер менен толук камсыздай албайт. Ушуга байланыштуу ресурстар жана

маалыматтар менен алмашуу үчүн калк конуштары байланыш жана транспорт системасы менен байланышта.

Мейкиндиктик таратуу жана өз ара аракеттешүүнү изилдөө товарлар, маалымат менен алмашуу жолу менен, ошондой эле миграциянын натыйжасынан адамдардын заманбап кызматташуусунун түшүнүүсүн камсыз кылат.

Бул ошондой эле аймактык, улуттук жана эл аралык деңгээлдердеги кызматташтыктын багыттарын иштеп чыгууга, көйгөйлөрүн аныктоого, жана түшүндүрүүгө жардам берет.

Аймактар. Аймактардын интеграцияланган системасы планетардык экосистеманын концепциясынын негизи болуп саналат. Анын түзүмүн жана Глобалдык системанын алкагында бул аймактардын ичинде болуп жаткан жараяндарды жана түзүлүштөрдү түшүнүү – адамдардын аймактык жана улуттук өзгөчөлүнгөн мүнөздөрүн, алардын жашоо образын жана өнүгүү перспективаларын бөлүп кароонун негизи болуп эсептелет. Бөлүштүрүүнүн жана эмгектин өзгөчөлүктөрүн жана ушул бөлүштүрүүнүн түзүлүштүк теңсиздикке жана гендердик теңдүүлүк суроолоруна таасирин дагы эске алуу маанилүү.

География предмети үчүн бөлүнгөн өзөктүү жана концептуалдуу нерсе болуп окуучуларда геоэкологиялык компетенттүүлүктү калыптандыруу саналат. Окуучулар адамдардын ишмердүүлүгү жаратылышка олуттуу зыян тийгизерин, эгерде маалыматты, көндүмдөрдү жана куралдарды туура колдоно алса, айлана - чөйрө үчүн пайдалуу чечимдерди кабыл алса, жаратылышка карата алардын мамилесин аныктоочу этика сакталса, көп учурларда айлана-чөйрөнүн көйгөйлөрүнөн баш тартса болот.

Окуучуларга төмөнкүлөрдү көрсөтүү өтө маанилүү:

- айлана -чөйрөнүн, экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн көйгөйлөрү өзүнүн табияты боюнча эл аралык болуп эсептелет жана улуттук чек аралары жок, ошондуктан жергиликтүү, аймактык, улуттук жана эл аралык көйгөйлөрдү чечүүнүн жалпы жолдорун издөө зарыл;
- адамдарда жоопкерчилик сезими билим берүү менен өнүгөт. Алынган маалыматты иштеп чыгууга жөндөмдүү компетенттүү адамдарда билим канчалык көбүрөөк болсо, айлана - чөйрөгө келтирилген зыянды азайтууга мүмкүнчүлүктөр ошончо көбүрөөк;
- билими жана тажрыйбасы бар ар бир адам курчап турган жаратылыштык айлана - чөйрөнү сактоого, коомдун туруктуу өнүгүүсүнө жетишүүгө олуттуу салым кошо алат.

## 2.1. Географияны окутуунун максаттары жана милдеттери

Географиялык билим берүүнүн максаты - жаратылыштык, жаратылыштык-техногендик, социалдык-экономикалык кубулуштар жана жараяндар жөнүндө билимдердин негизинде географиялык компетенциялардын топтомуна ээ болгон, дүйнөгө руханий - баалуулук мамилеси калыптанган, реалдуу географиялык мейкиндикте ыңгайлашууга жана иштөөгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу болуп саналат.

**Географияны окутуунун негизги максаты** – таанып билүүчүлүк (когнитивдик), ишмердүүлүк (өнүктүрүүчү) жана баалуулук (тарбиялык) тармактарда геокомпетенцияны калыптандырууга окуучуларга жардам берүү.

***Когнитивдик милдеттер:***

1. Улуттук жана эл аралык окуяларды "географиялаштыруу" көндүмүн калыптандыруу, географиялык объекттерди жана алардын абалын билүү жана түшүнүүнүн негизинде аймактардын өз ара аракеттешүүсүнүн мүнөзүн түшүнөт.
2. Жер жаратылышынын табигый компоненттеринин (рельеф, топурак, гидросфера, климат, өсүмдүктөр) экосистемалардын ичинде жана алардын ортосунда өз ара аракеттешүүсүнүн мүнөзүн түшүнөт.
3. Бир жагынан табигый шарттар адамзаттын ишмердүүлүгүнө кантип таасир тийгизерин жана экинчи жагынан, маданияттан, динден, социалдык-экономикалык, технологиялык жана саясий өнүгүүнүн деңгээлине жараша ар кандай антропогендик ландшафттарды ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүнө эркектерди жана аялдарды тартуунун гендердик аспекттерин эске алуу менен түзүүнү тактайт жана түшүнөт.
4. Жерде социалдык-экономикалык системалар (айыл-чарбасы, жайгашуусу, транспорт, өнөр - жай, соода, энергетика, калк ж.б.) мейкиндикте жана убакытта кантип жана эмне үчүн өзгөрүүлөрүн талдайт.
5. Гендердик теңсиздиктин түзүлүштүк мүнөзүнө талдоо жасайт.
6. Жерде адамдардын жана коомдордун ар түрдүүлүгүн түшүнүүнүн негизинде адамзаттын маданий көп түрдүүлүгүн талдайт.
7. Дүйнөдөгү адамдардын жана коомдордун ар түрдүүлүгүн түшүнүүнүн негизинде адамзаттын маданяттык көп түрдүүлүгүнө баа берет жана талдоо жасайт.
8. Өзүнүн аймагында жана өлкөсүндө болуп жаткан жараяндарды жана алардын түзүлүшүн талдайт, баа берет, ошондой эле бүтүндөй планетадагы табигый жана социалдык жараяндардын глобалдуу өз ара көз карандылыгын аңдап - түшүнөт.

***Ишмердүүлүк милдеттер:***

1. Практикалык ишмердүүлүктө тексттик, сандык жана символикалык маалыматтарды (тексттерди, сүрөттөрдү, графикаларды, таблицаларды, диаграммаларды, карталарды ж.б.) пайдаланат.
2. Реалдуу изилдөөлөрдүн тажрыйбасын алат (карта тартуу, сурамжылоо, маалыматтардын ар кандай экинчи булактарын жана статистикалык маалыматтарды түшүндүрүү).
3. Суроолорду жана темаларды аныктоо, маалыматты тандоо жана классификациялоо, алынган маалыматтардын, жалпылоолордун, ой жүгүртүүнүн, чечим кабыл алуунун негизинде маалыматтарды кайрадан иштеп чыгуу, топтордо иштөөдө алынган жыйынтыктарга ылайык жүрүм-турумдардын жана аракеттердин мүнөзүн аныктоо үчүн практикалык жана коомдук ишмердүүлүктө баарлашуу, ой-жүгүртүү көндүмдөрүн пайдаланат.

***Баалуулук милдеттер:***

1. Курчап турган дүйнөгө жана Жердеги жаратылыштык жана социалдык кубулуштардын ар түрдүүлүгүнө кызыгуусун көрсөтөт.
2. Бир жагынан жаратылыштын кооздугун, экинчи жагынан – адамдардын жашоосундагы айырмачылыктарды талдайт, баа берет, кабыл алат.
3. Болочок муундардын жашоосу үчүн айлана - чөйрөнүн сапатына тынчсызданууну көрсөтөт.

4. Чечим кабыл алууда курчап турган дүйнө жөнүндө билимдердин маанилүүлүгүн түшүнөт.
5. Жеке, коомдук жана кесиптик ишмердүүлүгүндө география сабактарында алган билимдерин жана көндүмдөрүн максатка ылайык колдонууга даяр болот.
6. Бардык элдердин, алардын маданиятын, тарыхын, көз карашын жана жашоо образын сыйлайт.
7. Гендердик тең укуктуулуктун маанисин түшүнөт. Гендердик теңдиктин маанилүүлүгүн тааныйт.
8. Ар бир адамдын, коомдук топтордун жана өлкөлөрдүн бири-бирине карата укуктарына, милдеттерине талдоо жүргүзөт, аңдап - түшүнөт.

## 2.2. Предметтин түзүлүшүнүн методологиясы

10-11-класстар үчүн «География» предмети боюнча предметтик стандарт мектеп географиясынын концепциясындагы бүтүндүк идеясына көбүрөөк туура келген жалпы илимий багыттарга негизделет. Ал багыттарга төмөнкүлөр кирет:

- ***комплекстүү өлкө таануу багыты*** географиянын бүтүндүүлүк жана бирдиктүүлүк идеясын ишке ашырат, анын бардык көрүнүштөрүндө адамдын жашоосу өткөн мейкиндикти уюштуруу жөнүндө бүтүн окуп-үйрөнүүнүн алкагында табигый-тарыхый, экономикалык жана социалдык багыттарды топтоштурат. Предметтин гуманистик жана культурологиялык дарамети адамдардын ишмердүүлүгүнүн жана жашоосунун мейкиндиктик ар түрдүүлүгүн, географиялык чөйрөдө адамдын жана адамзаттын ролун, дүйнөлүк цивилизациянын өнүгүүсүнө адамдардын салымын окуп - үйрөнүү аркылуу ачылат;
- ***тарыхый-географиялык багыт*** заманбап географиялык мазмундун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет, анткени көптөгөн географиялык жараяндар жана кубулуштар алардын ортосундагы тарыхый-географиялык байланыштарды түзүүдө тарыхый өнүгүүнүн өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлөт. Предметтин мазмунунда тарыхый-маданий аспектилерге өзгөчө көңүл бөлүнөт: ар кандай элдердин маданиятына – алардын тиричилигине, тилине, динине, улуттарды калыптандыруунун этникалык өзгөчөлүктөрүнө, географиялык ачылыштардын тарыхына жана Жердин планета катары өнүгүүсүн изилдөөлөргө ж.б.;
- ***чөйрөлүк багыт*** «адам – жаратылыш – чарбачылык – айлана - чөйрө» ири системасын изилдөөгө карата антропоборбордук көз карашты чагылдырат жана окуучуларда «геотехноморфологиялык чөйрө» жөнүндө түшүнүктүн кеңейүүсүнө, анын максатка багытталгандыгы, убакытта жана географиялык мейкиндикте жер үстүнө таасирди тездетүү жана күчөтүү менен техногендик фактордун өзгөчөлүгүн түшүнүүгө кызмат кылат;
- ***геоэкологиялык багыт*** географиялык жана экологиялык билимдер системасын олуттуу түрдө байытып, географияны экологиялаштыруу идеясын анын мазмунуна билимдердин үч түрүн киргизүүнүн негизинде жүзөгө ашырат: жаратылышты коргоо, ыңгайлашуу жана экологиялык коркунуч (коопсуздук) менен байланышкан

антропоэкологиялык жана экологиялык коопсуз өнүгүү үчүн билим берүүнүн мазмунунун талаптарына жооп берген рационалдуу жаратылышты пайдалануу;

- ***маданияттык багыт*** окутууда геомаданий мейкиндик концепциясын пайдалануу менен предметтин мазмунуна социомаданий бөлүктү киргизүүнү болжойт, ал адамдын ишмердүүлүгүнүн өнүмү жана чөйрөсү болуп эсептелет жана ал өзү менен өзү физикалык кубулуш катары эмес, адам менен мамилесинде анын аң-сезиминде образдуу чагылдырылган ишмердүүлүктүн натыйжасы катары кабыл алынат;
- ***компетенттүүлүк багыт*** геокомпетенттүүлүктөрдү калыптандырууга басым кылат, б.а. окуучулардын өздөштүргөн билимдерин, билгичтиктерин, ишмердүүлүктүн ыкмаларын реалдуу жашоодо турмуштук маанилүү жагдайларда практикалык маселелерди чечүү үчүн колдонууга даярдыгы.

## 2.3. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр

Мектептик билим берүү процессинде окуучулар төмөнкүдөй негизги компетенттүүлүктөргө ээ болушат:

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – керектүү маалыматты чогултуу, аны менен иштөө, сактоо жана пайдаланууну ишке ашыруу. Окуучулар маалымат менен иштөө маданиятын өздөштүрүшөт: жетпеген маалыматты максатуу издеп, кээ бир үзүндүлөрдү салыштырышат, жалпылаган талдоо жана гипотеза түзүү көндүмдөрүнө ээ болушат. Жалпы мазмундан негизги ойду бөлө алат. Айлана - чөйрө менен өз ара аракеттешүүнүн ар кандай куралдарын пайдалануу жөндөмдүүлүгү

**Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк** – өз умтулууларын социалдык топтун жана башка адамдардын кызыкчылыктары менен айкалыштырууга, башка адамдардын ар түрдүү көз караштарын таануунун жана баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) сый мамиленин негизинде өз көз карашын маданияттуу далилдөөгө даярдык. Керектүү маалыматты маектешүү (диалог) аркылуу алуу, аны социалдык, кесиптик, инсандык көйгөйлөрүн чечүү үчүн оозеки, жазуу түрүндө берүү даярдыгы. Маселелерди чечүү үчүн башка адамдардын жана социалдык институттардын ресурстарын пайдаланууга мүмкүнчүлүк берет.

Окуучулар сүйлөшүүнүн (коммуникациянын) диалогдук формасын билишет, өз көз карашын далилдүү айта алышат; жанындагы адамды түшүнүшөт, угушат, өзүнүн оюнан айырмаланган көз карашка толеранттуу мамиле жасашат. Башка адамдар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү.

**«Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү» компетенттүүлүгү** – маалыматта, окуу жана турмуштук кырдаалдарда ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүүдө карама-каршылыкты табуу, ошондой эле кийинки аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алуу даярдыгы. Окуучулар өзүнүн көз карашын ар түрдүү ойлорду эске алуу менен иретке келтиришет, чыр-чатактарды чече алышат. Адамдын өз жашоосун пландаштыруу, башкаруу жана өз алдынча аракеттенүү жөндөмдүүлүгү.

«География» предметинин максаттары жана милдеттерине ылайык үч предметтик компетенттүүлүк бөлүп көрсөтүлгөн: *географиялык, геоэкологиялык, социалдык-инсандык.*

**Географиялык компетенттүүлүк** – дүйнөнүн бүтүндүү сүрөтүн көрүү, чечилүүчү маселелерге жана бар болгон жагдайларга карата географиялык мейкиндиктин көп түрдүү жараяндары жана кубулуштары жөнүндө билимди пайдалануу жана ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгү.

**Геоэкологиялык компетенттүүлүк** – адамдардын, аймактардын жана жаратылыш чөйрөсүнүн ортосундагы өз ара байланыштардын татаал системасын баалоо, жаратылыштык-социалдык дүйнөгө нарктуу мамилени жаратуу жөндөмдүүлүгү.

**Социалдык-инсандык компетенттүүлүк** – реалдуу географиялык мейкиндикте ыңгайлашуу жана аракеттенүү, инсандык максаттарды жана маанилерди аныктоо, аларды өз жашоосунда долбоорлоо жана жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгү.

## 2.4. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

«Дүйнө географиясы. Өлкөлөр жана аймактар» предметинин алкагында алардын мазмунун өнүктүрүү жана тереңдетүү менен предметтик компетенциялар негизги компетенциялар менен тыгыз байланышта. Алардын өз ара байланышы 1-таблицада көрсөтүлгөн.

**1-таблица**

| Негизги компетенттүүлүктөр | Предметтик компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|---|
| | **Географиялык** | **Геоэкологиялык** | **Социалдык-инсандык** |
| **Маалыматтык** Айлана - чөйрө менен өз ара аракеттешүүнүн ар кандай куралдарын пайдалануу жөндөмдүүлүгү. | Жергиликтүү, аймактык жана глобалдык деңгээлдерде жаратылыштын, калктын, чарбанын өнүгүүсүнүн мейкиндик аспектилерин жана себеп-натыйжа байланыштарын талдайт, географиялык картаны колдоно алат. | Глобалдык жана аймактык экологиялык өзгөрүүлөрдү жана көйгөйлөрдү, келечекке божомолдорду, өз өлкөсүндөгү, дүйнөдөгү күтүлгөн терс жана оң таасирлерди талдай алат. | Курчаган дүйнөдө жекече ийгиликтүү аракеттенүү мүмкүнчүлүгүн баалай алат. |
| **Социалдык-коммуникациялык** /Башка адамдар менен өз ара аракеттешүү жөндөмдүүлүгү. | Маданий-тарыхый жана социалдык-экономикалык аспектилерди бөлүп кароо менен эске тутуучу сыйымдуу образдарды (шаардын, жердин, аймактын, өлкөнүн, региондун образы) | Жаратылышты рационалдуу пайдалануу жана айлана - чөйрөнү сактоо боюнча конкреттүү иш-аракеттерге даяр. | Өз өлкөсүндө (каалаган башка өлкөдө) ар кандай жашоо жагдайларында конструктивдүү коммуникациянын формаларына ээ, ар түрдүү этномаданий системалардын |

| Негизги компетенттүүлүктөр | Предметтик компетенттүүлүктөр | | |
|---|---|---|---|
| | Географиялык | Геоэкологиялык | Социалдык-инсандык |
| | жаратат. | | адамдарына гумандуу мамиле кылат. |

## 2.5. Мазмундук тилкелер. Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүү

Мазмундук тилкелер предметтин негизги компоненттерин аныктайт, анын мазмунунун, негизги түшүнүктөрүнүн бардык бөлүмдөр жана темалар аркылуу өтүүчү өзөгү болуп саналат. 10-11-класстар үчүн «География» предметинин мазмундук тилкелери төмөнкүлөр:

1. Географиялык мейкиндик.
2. Геомаданий ар түрдүүлүк.
3. Социалдык-экономикалык өнүгүү.

**1-мазумундук тилке. Географиялык мейкиндик**

Бул өтмө тилкенин мазмуну биринчи кезекте, окуучуларды убакытта жана мейкиндикте багыт алуу көндүмүнө көңүл бурулган, мисалы, картаны окуй билүү, картографиялык маалыматты талдоо жана интерпретациялоо, көрсөтмөлүүлүктөрдү түзүү, аймактардын саясий-географиялык жана экономикалык-географиялык абалын аныктоо. Ошондой эле окуучулар географиялык чөйрөдө мейкиндик-убакыттык өз ара байланыштар, географиялык кубулуштардын, жараяндардын жана мыйзамченемдүүлүктөрдүн таркалышы, географиялык номенклатура, топонимика, калктын жайгашуусуна жана чарба жүргүзүүсүнө таасирин тийгизген тарыхый-географиялык окуялар туурасында түшүнүк алышат.

**2-мазмундук тилке. Геомаданий ар түрдүүлүк**

Бул тилкенин максаты болуп социалдык-экономикалык, геосаясий, демографиялык жана миграциялык жараяндар коомдун өнүгүүсүнө кандай таасир тийгизерин көрсөтүү эсептелинет, геомаданий мейкиндик, дүйнө калкынын этникалык, диний курамынын көп түрдүүлүгү, адамзаттын маданий мурасы жөнүндө ойлорду калыптандыруу, окуучуларга глобалдык жана аймактык геоэкологиялык, геосаясий, экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдүн келип чыгуусунун принциптерин жана механизмдерин, жаратылышты пайдалануунун жана жаратылыштык-антропогендик системаларды жөнгө салуунун принциптерин түшүнүүгө жардам берет.

**3-мазмундук тилке. Социалдык-экономикалык өнүгүү**

Бул мазмундук тилке окуучуларга өлкөлөрдүн жана аймактардын экономикасы үчүн жаратылыш чөйрөсүнүн, жаратылыш ресурстарынын, илимий-техникалык прогресстин маанисин, чарбаны уюштурууда аймактык айырмачылыктарын, экономикалык кызматташтыктын эл аралык аспектилерин түшүнүүнү камсыздайт, ошондой эле аларды

жеке, коомдук жана кесиптик ишмердүүлүгүндө келечекте колдонуу үчүн баштапкы компетенцияларын калыптандырууга түрткү берет.

Окуу материалын мазмундук тилкелер жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү 2-таблицада көрсөтүлгөн.

**2-таблица**

| Мазмундук тилкелер | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|
| **Географиялык мейкиндик** | Өлкөлөрдүн көп түрдүүлүгү.<br>Дүйнөнүн саясий картасы.<br>Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүшү.<br>Дүйнөлүк жаратылыш ресурстары.<br>Калктын жайгашуусу.<br>Дүйнөлүк өнөр - жай, айыл - чарба өндүрүшүнүн, балык уулоонун жана транспорттун ири борборлору. | Дүйнөнүн ири аймактарын бөлүп кароо принциптери.<br>Кыргызстан дүйнөлүк географиялык мейкиндиктин субъектиси катары.<br>Кыргызстандын саясий-географиялык абалы, башка мамлекеттер, эл аралык биримдиктер менен байланышы.<br>Кыргызстандын, дүйнө аймактарынын жана өлкөлөрүнүн табигый-ресурстук өзгөчөлүктөрү.<br>Кыргызстандын жана дүйнө өлкөлөрүнүн аймактарын ачуунун жана анда калктын жайлашуусунун тарыхый-географиялык аспектилери.<br>Кыргызстанда, дүйнөнүн аймактарында жана өлкөлөрүндө калктын жайгашуусу жана миграциясы. |
| **Геомаданий ар түрдүүлүк** | Дүйнөлүк табигый ресурстар менен камсыздалуу жана жаратылышты колдонуу.<br>Айлана чөйрөнү булгоо маселеси.<br>Геодемография жана демографиялык саясат.<br>Глобалдык маалыматтык тармак, коммуникациялар, маданият жана саясат.<br>Эл аралык туризм.<br>ЮНЕСКОнун Адамзаттын бүткүл дүйнөлүк табигый жана маданий мурастарынын объектилери. | Кыргызстандын, аймактардын (өлкөлөрдүн) географиялык өзгөчөлүгү.<br>Кыргызстандагы, дүйнө өлкөлөрүндөгү геодемографиялык жагдай.<br>Глобалдуу геосаясий, демографиялык, экономикалык, социалдык, экологиялык көйгөйлөр.<br>Кыргызстанда жана дүйнө өлкөлөрүндө Адамзаттын Бүткүл дүйнөлүк табигый жана маданий мурастары. |
| **Социалдык-экономикалык өнүгүү** | Эмгектин эл аралык географиялык бөлүнүүсү жана адистештирилиши.<br>Экономикалык кызматташтык.<br>Илимий-техникалык прогресс жана дүйнөлүк чарба, жогорку, калдыксыз, энергияны сактоочу технологиялар.<br>Дүйнөлүк өнөр - жайдын, айыл - | Кыргызстанда, дүйнө аймактарында жана өлкөлөрүндө чарбачылыкты уюштуруу (өнөр жай тармагы, айыл чарбасы, транспорт).<br>Кыргызстандын, дүйнө аймактарынын жана өлкөлөрүнүн чарбалык адистешүүсү.<br>Кыргызстанда, аймактарда жана |

| Мазмундук тилкелер | 10-класс | 11-класс |
|---|---|---|
| | чарбасынын, балык уулоонун жана транспорттун өнүгүүсү. | өлкөлөрдө субаймактык чарбачылык өзгөчөлүктөр.<br>Илим жана каржы: технопарктар, технополистер, аймактын (өлкөнүн) банктык борборлору. |

## 2.6. Предмет аралык байланыштар. Өтмө тематикалык тилкелер.

Предмет аралык байланыштар – бул тектеш предметтердин окуу материалынын түзүлүшүнө жана тандоого таасир тийгизген окутуу принциби, окуучулардын билимдеринин системалуулугун күчөтүү менен окутуу методдорун активдештирет, окуу жараянында компетенттүүлүк багытты ишке ашырууну камсыздоо менен окутууну уюштуруунун ар кандай формаларын колдонууга багыт берет. 3-таблицада өз ара байланыш тармактары жана жалпы категориялары аркылуу 10-11-класстарда «География» предметинин предмет аралык байланышы келтирилген.

**3-таблица**

| Предметтер | Өз ара байланыш тармактары жана жалпы категориялар |
|---|---|
| **Тарых** | Өлкөлөрдү, аймактарды ачуунун жана изилдөөнүн тарыхый-географиялык аспектилери, топонимика. Дүйнөнүн ири аймактарын бөлүп кароонун тарыхый-географиялык принциптери. Мейкиндикти уюштуруу тууралуу бирдиктүү окуп - үйрөнүүнүн алкагында табигый-тарыхый багыт. Бардык маалыматтардын мейкиндиктик түшүндүрүлүшү (интерпретация). Глобалдык көйгөйлөр.Универсалдуу категориялар жана баалуулуктар (жакшылык мамиле, башка маданияттарды урматтоо, сүйүү, адилеттүүлүк, толеранттуулук ж.б.). Мейкиндиктик, картографиялык методдор. Ишмердүүлүктүн ыкмалары жана формалары. |
| **Адам жана коом** | Дүйнөнүн ири аймактарын бөлүп кароонун маданий-этникалык принциптери. Мейкиндикти уюштуруу тууралуу бирдиктүү окуп - үйрөнүүнүн алкагында экономикалык жана социалдык багыттар. Бардык маалыматтардын мейкиндиктик түшүндүрүлүшү (интерпретация). Геомаданий мейкиндик. Глобалдык көйгөйлөр. Универсалдуу категориялар жана баалуулуктар (жакшылык, башка маданияттарды урматтоо, сүйүү, адилеттүүлүк, толеранттуулук ж.б.). Тарбиялоо максаттары (жарандык позиция, саясий сабаттуулук, патриотизм, чыдамкайлык, коллективдик жана бири-бирине жардамдашуу сезими). Мейкиндиктик, картографиялык методдор. Ишмердүүлүктүн ыкмалары жана формалары. |
| **Кыргыз жана дүйнөлүк адабият** | Турмушка эстетикалык баа берүүнүн чен – өлчөмдөрү. Геомаданий мейкиндик. Адабият жана музыка булактары. Көркөм-географиялык баяндоолор. Образдык кабыл алуу, элестетүү. Бардык маалыматтардын мейкиндиктик түшүндүрүлүшү (интерпретация). Универсалдуу категориялар жана баалуулуктар (жакшылык, башка маданияттарды |

| Предметтер | Өз ара байланыш тармактары жана жалпы категориялар |
|---|---|
| | урматтоо, сүйүү, адилеттүүлүк, толеранттуулук ж.б.). Эстетикалык тарбия. Гуманисттик жана маданияттык негиз. ЮНЕСКОнун Адамзаттын бүткүл дүйнөлүк табигый жана маданий мурастарынын объекттери. |
| **Тилдер** | Лексикалык жана лингвистикалык түшүнүктөргө, жалпы эскертүүлөргө жана эрежелерге таянуу, аларды илимий түшүнүктөрдү жана терминдерди өздөштүрүү жараянында колдонуу илим тилин билүүгө жана кептин илимий стилинин жалпыланган кептик билгичтиктерге ээ болууга түрткү болот. |
| **Математика** | Иш-аракеттер-ишмердүүлүк чөйрөсү:<br>- функцияларды, тике жана тескери пропорционалдык көз карандылыктарды, алардын графиктерин, вектордук чоңдуктарды ж.б. колдонуу;<br>- эсептөөчү-эсептеп чыгаруучу, өлчөөчү, сүрөт тартуучу-графикалык ишмердүүлүк;<br>- моделдештирүү. |
| **Табият таануу** | Мейкиндикти уюштуруу тууралуу бирдиктүү окуп - үйрөнүүнүн алкагында табигый-илимий багыт. Геоэкологиялык ой жүгүртүү, экологиялык аң-сезим. Чөйрөлүк мамиле, айлана - чөйрө. Геотехноморфологиялык чөйрө. Бардык маалыматтардын мейкиндиктик түшүндүрүлүшү (интерпретация). Мейкиндиктик, картографиялык усулдар. Ишмердүүлүктүн ыкмалары жана формалары. |
| **Информатика** | Компьютердик технологияларды жана мультимедияларды пайдалануу:<br>- көрсөтмө куралдарды жана карталарды көрсөтүү;<br>- географиялык жараяндарды көрсөтүү;<br>- геомаалыматтык окутуу;<br>- презентацияларды даярдоо;<br>- окуучулардын география боюнча өз алдынча ишин уюштуруу;<br>- билимдерди текшерүү. |

## 3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖАНА БААЛОО

### 3.1. Күтүлүүчү натыйжалар жана көрсөткүчтөр

Окутуунун натыйжалары билим берүүнүн сапатынын негизги чен-өлчөмдөрү болуп саналат. Төмөндө келтирилген төртүнчү жана 5-таблицаларда окуучулар жылдын аягында жетишкен натыйжалары баяндалган. Ар бир жыйынтыкка көрсөткүчтөр жазылган, алар натыйжаларды кантип текшерсе боло тургандыгы жөнүндө сунуштамалар болуп саналат. Стандарттын натыйжаларынын индекси бар. Индекс класс, мазмундук тилкелер, компетенттүүлүк жана натыйжанын номуру жөнүндө маалыматты камтыйт, мисалы:

**10.1.2.4.** (**10**. – **класс**, **1**. – **мазмундук тилке**, **2.** – **компетенттүүлүк, 4.** –**натыйжанын номуру**).

Мазмундук тилкелер жана компетенттүүлүктөр номурлор менен белгиленген:

| **Мазмундук тилкелер:** | **Компетенттүүлүктөр:** |
|---|---|
| 1. Географиялык мейкиндик. | 1. Географиялык. |
| Геомаданий ар түрдүүлүк. | 2. Геоэкологиялык. |

Социалдык-экономикалык өнүгүү. 3. Социалдык-инсандык

**Натыйжалар жана көрсөткүчтөр**

**4-таблица**

| **Компетенттүүлүктөр** | **Натыйжалар жана көрсөткүчтөр** | |
|---|---|---|
| | **10 – класс** | **11 – класс** |
| **1-мазмундук тилке. Географиялык мейкиндик** | | |
| 1. Географиялык | **10.1.1.1. Тарыхый доорлордун жана заманбап саясий жараяндардын дүйнөнүн саясий картасынын түзүлүшүнө жана дүйнө өлкөлөрүнүн көп түрдүүлүгүнө таасирин талдайт**<br>• Өлкөлөрдү аймактык белгиси, калктын саны, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли боюнча классификациялайт.<br>• Саясий картанын түзүлүшүнүн ар кандай баскычтарында өзгөрүүлөрдүн себеп-натыйжа байланыштарын аныктайт, XX кылымдын аягындагы – XXI кылымдын башындагы маанилүү геосаясий окуялардын мисалдарын келтирет.<br>• Кыргызстанда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө башкаруунун формаларын жана аймактык-административдик түзүлүштөрүн салыштырат.<br>• Өлкөнүн (Кыргызстандын же башка өлкөлөрдүн) (тандоо боюнча) саясий-географиялык абалы анын өнүгүүсүнө кантип таасир тийгизерин аныктайт. | **11.1.1.1. Аймактык жана геосаясий параметрлер боюнча дүйнө аймактарынын жана өлкөлөрүнүн ордун талдайт**<br>• Өлкөнүн белгилүү бир аймакка таандыгын аныктайт, өлкөлөрдүн аймак ичиндеги бөлүштүрүлүшүнүн классификациялык схемаларын түзөт.<br>• Өлкөлөрдү мамлекеттик түзүлүшү жана аймактык-административдик түзүлүшү боюнча салыштырат.<br>• Европанын саясий картасында өзгөрүүлөрдүн себептерин аныктайт, Азияда жана Африкада аймактык талаштардын жана чек аралык кагылыштардын мисалдарын келтирет.<br>• Кызматташтык жана коопсуздук боюнча эл аралык уюмдарды санайт, заманбап дүйнөдөгү геосаясий чечимдерге өзүнүн көз карашын билдирет.<br>• Изилденип жаткан аймактын (өлкөнүн) саясий-географиялык жана экономикалык-географиялык абалына салыштырмалуу баа берет.<br>• Аймактын (өлкөнүн) ачылуу жана калк жайгашуу тарыхы, топонимикасы жөнүндө билдирүү даярдайт.<br>• Контурдук картада аймактын (өлкөнүн) жайгашкан жерин жана географиялык номенклатурасын белгилейт. |
| 2. Геоэкологиялык | **10.1.2.2. Дүйнөлүк табигый ресурстардын жайгашуусундагы мейкиндиктик айырмачылыктарды сүрөттөйт**<br>• Гендердик ролдордун | **11.1.2.2. Аймактын (өлкөнүн) экономикасынын өнүгүүсү үчүн табигый-ресурстук шарттардын маанисин талдайт**<br>• Жер кыртышында |

| Компетенттүүлүктөр | Натыйжалар жана  көрсөткүчтөр | |
|---|---|---|
| | **10 – класс** | **11 – класс** |
| | тарыхый мүнөзүн түшүнөт, аймактын же өлкөнүн саясий жана чарбалык өнүгүүсүнө ылайык гендердик ролдордун өзгөрүүсүн түшүндүрө алат.<br>• Контурдук картада минералдык ресурстардын эң ири бассейндерин белгилейт.<br>• Табигый ресурстардын түрлөрүн классификациялайт, алардын түзүлүшүн аныктайт, системалоочу таблицаны түзөт.<br>• «Тектоникалык курулмалар» жана «Дүйнөнүн минералдык ресурстары» карталарын салыштырат, жер кыртышында пайдалуу кен - байлыктардын таралышынын мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө корутунду чыгарат.<br>• Жаратылыш ресурстарынын азайышына байланыштуу көйгөйлөрдү баалайт. | минералдык ресурстардын тегиз эмес таралышынын себептери жана өлкөнүн (Кыргызстандын окуп жаткан башка аймактардын жана өлкөлөрдүн) экономикасы менен ири кен байлыктардын болуусунун байланыштары жөнүндө талдоо жүргүзөт, корутунду чыгарат.<br>• Контурдук картада кен байлыктардын ар кандай түрлөрүнүн  жайгашкан ири жерлерин  белгилейт.<br>• Өлкөнүн (Кыргызстандын, дүйнөнүн башка өлкөлөрүнүн) экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли менен алардын жер, суу, гидроэнергетикалык, агроклиматтык жана табигый-рекреациялык ресурстар менен камсыздалышынын ортосунда өз ара байланышты мисалдар менен көрсөтөт. |
| 3. Социалдык-инсандык | **10.1.3.3. Өз өлкөсүнүн (каалаган башка өлкөнүн) маданиятынын жана саясатынын байланыштарын талдоодо келечектүү ой жүгүртүүнү колдоно алышын  көрсөтөт**<br>• Өз өлкөсүнүн (каалаган башка өлкөнүн) аймактарынын тарыхый-географиялык жана азыркы аталыштарынын маанисин ачат.<br>• Картада өз өлкөсүнүн (каалаган башка өлкөнүн) маданий жана тарыхый атактуу жерлеринин маанисин ачат.<br>• Өз өлкөсүнүн (каалаган башка өлкөнүн) тиричилиги, салттары, илимий-техникалык жетишкендиктери жөнүндө маалымат табат жана жалпылайт.<br>• Географиялык объекттин, аймактын (тандоосу боюнча) образын түзөт жана каалаган формада (презентация, картосхема, плакат ж.б.) сунуштайт. | **11.1.3.3. Адамдардын жана өлкөлөрдүн ортосунда байланыштарды жөнгө салуу үчүн өз өлкөсүнүн (каалаган башка өлкөнүн) геомаданий мейкиндигин түшүнүүнүн маанилүүлүгүн көрсөтөт**<br>• Кандай өлкөдө жашагандыгы, аны кандай улуттар түзгөнү жана жашаганы,  жакынкы жана алыскы чет мамлекеттер менен окшоштуктары жана айырмачылыктары, Кыргызстан элинин менталитетинин калыптануусунда жаратылыштык, маданий, экономикалык жана башка феномендердин топтому катары кыргыз жеринин географиялык мейкиндигинин ролу кандай жана коомдун өнүгүү перспективалары кандай экендиги туурасында талдоо жүргүзөт, баа берет.<br><br>• Ар бир аймактагы каалаган өлкөнүн геомаданий мейкиндигинин изилдөөсүн |

| Компетенттүүлүктөр | Натыйжалар жана көрсөткүчтөр | |
|---|---|---|
| | 10 – класс | 11 – класс |
| | | өткөрөт, «Менин Америкам», «Менин Азиям» ж.б. темаларында өлкө жөнүндө негизги маалыматтарды (тил, валюта, салттуу тамактар ж.б.) маданий жана социоченемдик бөлүктөрдүн (бизнести кантип жүргүзүү керек, кантип кийиниш керек, эмне жөнүндө сүйлөө керек, ишкер жана күндөлүк турмушта кантип баарлашуу керек ж.б.) өзгөчөлүктөрү көрсөтүү менен билдирүү даярдайт. |
| **2-мазмундук тилке. Геомаданий ар түрдүүлүк** | | |
| 1. Географиялык | **10.2.1.4. Өлкөнүн өнүгүүсүнө демографиялык, миграциялык жараяндардын, глобалдык коммуникациялардын (таасирин талдайт**<br>• Кыргызстандагы, айрым аймактардагы жана өлкөлөрдөгү демографиялык көрсөткүчтөрдү, демографиялык саясаттын түрлөрүн, курактык-жыныстык пирамидаларды салыштырат, калктын курамындагы жана жашоо деңгээлиндеги айырмачылыктар жөнүндө корутунду чыгарат.<br>• Дүйнө элдерин негизги тил топтору боюнча бөлүштүрөт, «Заманбап дүйнөдөгү дүйнө диндери» (тандоосу боюнча) темасында билдирүү даярдайт (каалаган түрдө).<br>• Өлкөнүн өнүгүүсү үчүн ички жана тышкы миграциялардын себептери жана кесепеттери жөнүндө ой жүгүртөт.<br>• Табигый, социалдык-экономикалык жана саясий факторлор калктын жайгашуусуна кантип таасир тийгизерин аныктайт.<br>• Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн ортосунда геомаданий өз ара аракеттенүүлөрдүн мисалдарын келтирет, өлкөнүн өнүгүүсүнө алардын таасири жөнүндө талдоо жүргүзөт, баа | **11.2.1.4. Дүйнө аймактарында жана өлкөлөрүндө коомдун материалдык маданиятына урбанизациянын, геодемографиялык жана миграциялык жараяндардын таасирин талдайт**<br>• Китептеги типтүү план боюнча, окулуп жаткан аймактын (өлкөнүн) калкына жалпы мүнөздөмө берет.<br>• Миграциялык жараяндардын себептери жана кесепеттери, окулуп жаткан аймактардагы жана өлкөлөрдөгү коомдун өнүгүүсүнө алардын таасири жөнүндө талдоо жүргүзөт, корутунду чыгарат.<br>• Окулуп жаткан аймактардын жана өлкөлөрдүн контурдук карталарында ири шаарларды жана мегополистерди аныктап, белгилейт.<br>• Тарыхый-географиялык маалыматтардын негизинде окулуп жаткан аймактын (өлкөнүн) этникалык жана диний курамынын татаалдыгын, материалдык маданиятка анын таасирин түшүндүрөт.<br>• Окулуп жаткан өлкөлөрдөгү жана Кыргызстандагы улуттук салттарды, символдорду, материалдык жана руханий маданияттын эстеликтерин мисал келтирет жана аларды сүрөттөйт. |

| Компетенттүүлүктөр | Натыйжалар жана көрсөткүчтөр | |
|---|---|---|
| | **10 – класс** | **11 – класс** |
| | берет.<br>• Контурдук картада урбанизацияланган райондорду, мегаполистерди, дүйнөнүн ири шаарларын белгилейт. | |
| 2. Геоэкологиялык | **10.2.2.5. Дүйнө өлкөлөрүнүн жана аймактарынын ресурстар менен камсыздалышынын жана адамдын географиялык чөйрө жана экологиялык өз ара аракеттешүүсүнүн көйгөйлөрүн талдайт**<br>• Чарбалык ишмердүүлүк дүйнөлүк жер фондунун көлөмүнө, түзүлүшүнө жана өзгөрүүлөрүнө кандай таасир тийгизерин аныктайт.<br>• Дүйнөнүн айрым ири аймактарынын жана өлкөлөрүнүн жер, токой ресурстары, дарыя агымынын ресурстары менен камсыздалышына баа берет.<br>• Жаратылыш ресурстарын рационалдуу жана рационалдуу эмес колдонуунун мисалдарын келтирет, таза суу маселеси жөнүндө талдоо жүргүзөт.<br>• Литосферанын, гидросферанын, атмосферанын булгануусунун булактарын жана кесепеттерин аныктайт, аларды булгоонун кесепеттери жөнүндө талдайт.<br>• Жаратылышты сактоонун көйгөйлөрүн чечүүнүн оң жана терс жактарын аныктайт, жаратылышты сактоо ишмердүүлүгүндө дүйнөлүк коомчулуктун ролун көрсөтөт.<br>• Тиричилик жүрүм-турумдун деңгээлинде экологиялык моралдын ченемдерин сактайт, экологиялык маданияттын баалуулук-укуктук түшүнүктөрүн чечмелейт. | **11.2.2.5. Глобалдык көйгөйлөрдү талдоодо географиялык жана экологиялык ой жүгүртүүнү колдонууну көрсөтөт**<br>• Глобализмдин жана антиглобализмдин жактоочуларынын идеяларындагы айырмачылыктарды табат, бул суроо боюнча өз пикирин билдирет.<br>• Глобалдык маселелерди (тандоосу боюнча) изилдейт, көрсөтмө куралдарды жасайт жана эл алдында сунуштайт.<br>• Дүйнөнүн ар кандай аймактарында глобалдуу көйгөйлөр кантип пайда болуусу, алардын өз ара байланышы кандай экендиги жөнүндө талдоо жүргүзөт, корутунду чыгарат.<br>• Глобалдуу маселелерди «глобалдык» же «аймактык» түрдө гана чечүүгө болбой тургандыгы, аларды чечүүнү өлкөдөн жана райондон баштоо керектиги тууралуу абалды далилдейт. |
| 3. Социалдык-инсандык | **10.2.3.6. Туулган жеринде (өлкөдө, планетанын башка районунда) коомдун бакубатчылыгын жакшыртууда өзүнүн жана ар бир адамдын катышуусунун** | **11.2.3.6. Өлкөнүн туруктуу өнүгүүсүнүн концепциясын жана коомдун тең салмактуу өнүгүүсүн сактоодо ар бир адамдын жеке катышуусун талдайт** |

<table>
<tr><th rowspan="2">Компетенттүүлүктөр</th><th colspan="2">Натыйжалар жана  көрсөткүчтөр</th></tr>
<tr><th>10 – класс</th><th>11 – класс</th></tr>
<tr><td></td><td>мүмкүнчүлүктөрүн баалайт<br>•	Туулган жеринин (өлкөнүн, планетанын башка районунун) бакубатчылыгы жөнүндө анын ой-пикиринин негизин түзгөн чен-өлчөмдөрүн  аныктайт.<br>•	Жалпы кабыл алган көрсөткүчтөрдүн бири боюнча (экономикалык бакубатчылык, ден - соолук, билим берүү, жашоонун тышкы шарттары, социалдык чөйрө, тең укуктуулук, эс алуу) тандалган жердин коомдук шарттарын изилдөөгө катышат.<br>•	Түзүлгөн көрсөтмө куралдардын (карталар, схемалар, графиктер, фотоматериалдар) негизинде изилдөөнүн натыйжаларын тааныштырат.<br>•	«Өз өлкөмдүн (же башка өлкөнүн) шарттарын жакшыртуу үчүн мен эмне кыла алам?» долбоорун иштеп чыгууга жана сунуштоого катышат, изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган көйгөйлөрдү  чечүүнүн планын иштеп чыгат, эгерде мүмкүн болсо, өзүнүн сунуштарын бийлик өкүлдөрүнө берет, же түзүлгөн жагдайды өзү оңдойт.</td><td>•	Туруктуу өнүгүүнүн түшүнүктөрүн, принциптерин, компоненттерин ачат, туруктуулук факторлорун жалпы адамзаттык баалуулуктар менен байланыштырат.<br>•	Глобалдык божомолдорго, гипотезаларга жана долбоорлорго ар кандай көз караштарды сунуштайт, өзүнүн жеке көз карашын билдирет.<br>•	«Муну ар бир адам жасай алат» долбоорун иштеп чыгууга жана сунуштоого катышат, долбоордо энергияны натыйжалуу керектөөнү жана сактоону уюштуруу, айлана - чөйрөгө таасирди азайтуу үчүн мүмкүн болгон чараларды изилдейт жана өзүнүн чараларын сунуштайт.</td></tr>
<tr><td colspan="3">3-мазмундук тилке. Социалдык-экономикалык өнүгүү</td></tr>
<tr><td>1. Географиялык</td><td>10.3.1.7. Эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүшүн, дүйнөлүк чарбанын тармактарынын өнүгүүсүндө илимий-техникалык прогресстин ролун баалайт<br>•	Илимий-техникалык прогресстин таасири алдында илимдеги, техникадагы жана технологиядагы, өндүрүштөгү жана башкаруудагы өзгөрүүлөрдүн мисалдарын келтирет.<br>•	«Айрым факторлордун жана илимий-техникалык прогресстин өндүрүштүн жайгашуусуна таасири» темасында көйгөйлүү билдирүү даярдайт.<br>•	Китептеги типтүү план боюнча дүйнөлүк чарбанын 2-3</td><td>11.3.1.7. Социалдык жана экономикалык параметрлер боюнча дүйнөдөгү аймактардын жана өлкөлөрдүн ордун жана алардын өнүгүү перспективаларын талдайт<br>•	Окулуп жаткан аймактарда дүйнөлүк экономикалык кубаттуу борборлорун (супер өлкөлөр, мунай казуучу өлкөлөр, жаңы индустриалдык өлкөлөр), эл аралык-географиялык эмгек бөлүштүрүүдө «өлкөнүн жүзүн» аныктаган чарба тармактарын бөлүп көрсөтөт.<br>•	Айыл - чарбасынын жайгашуусунун жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, окулуп жаткан аймактарда жана өлкөлөрдө</td></tr>
</table>

| Компетенттүүлүктөр | Натыйжалар жана көрсөткүчтөр | |
|---|---|---|
| | **10 – класс** | **11 – класс** |
| | тармагына (тандоосу боюнча) кеңири мүнөздөмө берет.<br>• Ар кандай аймактарда транспорттун үстөмдүк кылуучу түрлөрүн аныктайт, аймактардын бири үчүн анын өнүгүүсүн баалайт жана божомолдойт.<br>• Эл аралык туризмдин негизги райондорунун картосхемасын түзөт, жаратылыш жана маданий-тарыхый эстеликтер айкалышкан аймактарды бөлүп көрсөтөт.<br>• «Мен жашаган же башка өлкөнүн жашоо шартын жакшыртуу үчүн мен эмне жасай алам?» темасында долбоорду иштеп чыгууга катышат жана сунуштарды иштеп чыгып, анын натыйжаларын бийлик органдарына сунуштайт. | транспорттун үстөмдүк кылган түрлөрүн аныктайт, өлкөлөр ортосундагы коммуникациялык байланыштарда анын ролун баалайт.<br>• Карта жана окуу китебиндеги текст боюнча Кыргызстан үчүн жана окулуп жаткан аймактар жана өлкөлөр үчүн мүнөздүү керектөөчүлүк жана экспорттук товарларды (маданияттарды) аныктайт.<br>• Контурдук картада негизги өнөр-жай борборлорун, негизги айыл - чарба маданияттары өндүрүлгөн райондорду, окулуп жаткан аймактардагы жана өлкөлөрдөгү ири портторду аныктайт, белгилейт. |
| 2. Геоэкологиялык | **10.3.2.8. Чарба тармактарынын айлана - чөйрөгө таасирин талдоодо изилдөөчүлүк жөндөмдүүлүктөрдү колдонуусун көрсөтөт**<br>• Чоң шаарларда жашоодон адамдардын ден-соолугуна келтирилген мүмкүн болгон коркунучтарды аныктайт, планетанын эң кир шаарларынын, Кыргызстандын райондорунун мисалдарын келтирет.<br>• Айлана-чөйрөгө кирдетүүчү таасиринин даражасы боюнча энергетиканын түрлөрүн салыштырат, альтернативдүү энергетиканын оң жана терс жактары, Кыргызстанда аны өнүктүрүүнүн перспективалары жөнүндө билдирүү даярдайт.<br>• Шаар чөйрөсүндө, өнөр - жайында, айыл чарбачылыгында транспорт системасында заманбап экотехнологиялардын мисалдарын келтирет.<br>• Туулган жердин (өлкөнүн, жер шарынын каалаган башка бөлүгүнүн) экологиялык паспортун түзөт. | **11.3.2.8. Экономикалык ишмердүүлүктүн, илимдин жана технологиялардын таасири менен өлкөлөрдүн жана аймактардын айлана - чөйрөсүндөгү өзгөрүүлөрдү баалайт**<br>• Аймактарды жана өлкөлөрдү чарба жүргүзүү ыкмалары (рационалдуу, рационалдуу эмес) боюнча салыштырат.<br>• Экономикалык ишмердүүлүктүн айлана - чөйрөгө таасиринин көлөмдөрүнүн мисалдарын келтирет, окулуп жаткан аймактардагы жана өлкөлөрдөгү экологиялык көйгөйлөрдү аныктайт.<br>• Төмөнкү түшүнүктөрдү ачат : «технополис», «технопарк», алардын аймактарда жана өлкөлөрдө жайгашкан жерлерин контурдук карталарда белгилейт, алардын экономикага жана айлана - чөйрөнү сактоого таасиринин мисалдарын келтирет.<br>• Айлана - чөйрө менен эркектер жана аялдардын өз ара аракеттенүүсүнүн гендердик аспектисин түшүндүрө алат. |

| Компетенттүүлүктөр | Натыйжалар жана көрсөткүчтөр | |
|---|---|---|
| | **10 – класс** | **11 – класс** |
| | | • Кыргызстанда жана окулуп жаткан аймактарда жана өлкөлөрдө экологиялык көйгөйлөрдү чечүүдө жеке көз карашын сунуштайт. |
| 3. Социалдык инсандык | **10.3.3.9. Өзүнүн болочок кесиптик кызыкчылыктарын дүйнө чарбачылыгынын ар кандай чөйрөлөрүнүн кесиптери менен салыштырат**<br>• Чарбанын белгилүү чөйрөсүнүн (тандоосу боюнча) кесиптери боюнча маалыматты табат жана талдайт, кесиптин өзөктүү мүнөздөмөлөрү, кесиптин адамга карата талаптары, кесиптин суроо-талаптуулугу жөнүндө билдирүү даярдайт.<br>• Мугалимдин жардамы менен өзүнүн шыгын, кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн, мүмкүнчүлүктөрүн аныктайт.<br>• Өзүнүн болжолдуу болочок кесибин тандайт, ал тандалган кесип адамга койгон талаптары менен өзүнүн жеке сапаттарын салыштырат.<br>• Мүмкүнчүлүккө жараша, тандаган кесибинин өкүлдөрү менен баарлашат, алар кандай иштерди аткараарын, бул кесип аларга жагабы жана эмне үчүн жагат, бул кесипке кайсыл жерден үйрөнүү керек экендигин аныктайт.<br>• Өзүнүн болочок кесиптик пландарын ата-энеси менен талкуулайт. | **111.3.3.9. Өзүнүн болочок кесибинде географиялык билимдерди колдонуу мүмкүнчүлүгүн баалайт**<br>• Географиялык өзгөчөлүктөргө жараша кесиптерди кантип айырмаласа болот, , мамлекеттик түзүлүш, же территория, экономика жана технологиялар ар кандай кесиптерге коомдун керектөөлөрүнүн өзгөрүүсүнө кандайча таасир тийгизгени тууралуу ой жүгүртөт.<br>• Кругозору кеңири, мейкиндиктик өз ара байланыштарды жана мыйзамченемдүүлүктөрдү түшүнгөн, аларды тажрыйбада колдоно билген адистер жашоонун кайсы чөйрөлөрүндө жана эмне үчүн ийгиликтүү боло аларын аныктайт, «География жана ийгиликтүүлүк» темасында аргументтештирилген эссе жазат же презентация даярдайт.<br>• Өзүнүн кызыгууларын, жөндөмдүүлүктөрүн, кесиптик ишмердүүлүктүн мотивдерин талдоонун негизинде максаттардын тизмесин түзөт, өзүнүн болжолдуу болочок кесибинин коомдук жашоосунун чөйрөсүн аныктайт.<br>• Өзүнүн жеке максаттарын коомдун керектөөлөрү менен салыштырат, кийинки кесиптик билим алуусуна карата өзүнүн иш-аракеттерин пландаштырат. |

## 3.2. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары

Окуудагы жетишкендиктерди компетенттүүлүк багыттын шарттарында баалоо – бул абдан маанилүү методикалык маселе. Компетенттүүлүк багыты татаал натыйжаларды – компетенцияларды баалоону талап кылат, бул тажрыйбада баалоонун ар кандай

стратегияларын колдонуу зарылчылыгын билдирет. Баалоо стратегиялары (6-таблица) – бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктери жөнүндө маалыматты чогултуу үчүн мугалим пайдаланган методдор. Окуучуларды натыйжалуу баалоо үчүн ар кандай стратегияларды жана тийиштүү куралдарды колдонуу абзел. Окуу ишмердүүлүгүнүн ар кандай баскычтарында баалоонун ар кандай стратегиялары пайдаланат. Баалоонун тигил же бул стратегиясын колдонуу менен ал эмнеге багытталгандыгын, кандай натыйжаларга жетишерибизди, окуучуга анын окуудагы ийгиликтери жөнүндө ой жүгүртүүсүнө кантип жардам берерибизди түшүнүү маанилүү.

**Баалоо стратегиялары, натыйжалар жана куралдар**

**6-таблица**

| **БААЛОО СТРАТЕГИЯЛАРЫ** | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Окуучулардын керектөөлөрүн аныктоо** | **Өз алдынчалыкты жана өз ара аракеттешүүнү өнүктүрүү** | **Түшүнүүнүн жана билгичтиктин далили** | **Түшүнүүнү жана метатаанууну текшерүү** | **Жараянга байкоо жүргүзүү** |
| **К У Р А Л Д А Р** | | | | |
| 1. БКЖ таблицалары (билем, каалайм, жасай алам) | 1. Текшерүү баракчалары | 1. Чен-өлчөмдөр таблицалары | | 1. Күндөлүктөр |
| | | | | 2. Формалар |
| 2. Мээ чабуулу | 2. Сурамжылоо баракчалары | 2. Портфолио | | 3. Отчеттор |
| | 3. Рефлексия | | | 4. Журналдар |
| **ЖЫЙЫНТЫК** | | | | |
| Сунушталган тексттерди окуу окуучулар **тарабынан** коюлган м**илдеттерди** түшүнүүсүнүн д**аражасын** көрсөтөт, катышуучулардын күтүүсүн тактайт**.** | Окуучулар өзүнүн окуусу үчүн жоопкерчиликти өзүнө алуу жөндөмдүүлүгүн, инсандар аралык баарлашуу көндүмүн калыптануусуна баа берүү. | Окуу ишмердүүлүгүнүн өнүмдөрүн баалоо. | Окуу ишмердүүлүгүнүн ыкмалары жөнүндө түшүнүктөрдүн өнүгүүсү. Развитие представлений о способах учебной деятельности. | Окуучулардын жетишкендиктерине баа берүү, мониторинг. |

Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн натыйжаларын география боюнча предметтик стандарттын талаптарына ылайык келүүсүн аныктоо максатында калыптандыруучу (формативдик) баалоодон тышкары алдын алуу (диагностикалык) жана жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо жүргүзүлөт. Баалоонун бул түрлөрүн колдонууда салттуу (практикалык, оозеки жана жазуу иштери) жана ошондой эле салттуу эмес методдорду пайдаланса болот: окуучулардын ишмердүүлүгүнө жана жүрүм-турумуна системалык байкоо жүргүзүү, портфолио, долбоорлор, изилдөөлөр жана өзүн-өзү баалоо.

Баалоого карата салттуу мамиледен айырмаланып калыптандыруучу (формативдик) баалоого өзгөчө көңүл бурулушу керек. Калыптандыруучу баалоо ар бир мугалимге анын окуучулары канчалык көп жана канчалык ийгиликтүү окуп жаткандыгы жөнүндө маалымат алууга жардам берет. Педагогдор алынган кайтарым байланыштын негизинде окутууну балдар жигердүү жана натыйжалуу окушу үчүн өзгөртө алышат. Баалоонун бул түрү окуу жараяны акыркы гана баскычта эмес, баштапкы жана ортоңку баскычта кандай жүрүп жаткандыгын диагностоо үчүн керек жана эгерде баалоонун жыйынтыктары канааттандыраарлык эмес болсо, анда алынган маалыматтын негизинде окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн сапатын жакшыртуу боюнча зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүү керек.

**Текст менен иштөө боюнча тапшырмаларды баалоонун чен-өлчөмдүк модели**

Текст окутуунун негизги дидактикалык бирдиги болуп эсептелет. Окуучулар тексттерди жана ар кандай нускамаларды окуунун жыйынтыгында тексттерде камтылган маалыматтар менен иштөө көндүмүнө ээ болушат. Ошондуктан, географиялык компетенттүүлүктөрдү баалоодо текст менен иштөө боюнча тапшырмаларга баа берүүнүн так жана ойлонулган чен-өлчөмдөрү аныкталышы маанилүү, алар окуучуларга алдыга максаттарды коюуну жана өзүнүн окуу ишмердүүлүгүн пландаштырууну билүүсү үчүн эмне жана кантип бааланары туурасында ачык түшүнүгүн калыптандырууга жардам берет.

**Окуучунун портфолиосу калыптандыруучу баалоонун куралы катары**

Портфолио окуучулардын өз алдынча окуу ишмердүүлүгүн уюштуруунун натыйжалуу ыкмаларынын бири жана ошол эле учурда калыптандыруучу баалоонун куралы болуп саналат. Ошондой эле окуучунун жетишкенин, окуу жараянын жана натыйжаларды көрсөтүүнү баалоого мүмкүндүк берет. Долбоордук методикада колдонулат, көбүрөөк предметтик окутууда окуучунун жекече жетишкендиктерин баалоо үчүн колдонулууда, ал окуучуларга:

- алдына максаттарды коюуга жана аларга жетишүүнү пландаштырууга;
- өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн жана билгичтиктерин аңдап -түшүнүүгө;
- өзүнүн окуу стилин жакшыраак түшүнүүгө жана өзүнүн окуу мүмкүнчүлүктөрүн талдоого;
- тандоо жасоого (портфолиодо көрсөтүү үчүн кандай материалдарды тандоо);
- жеке өнүгүүсүнүн жетишкендиктерин чагылдырууга;
- өзүнүн билимдерин белгилөө жана өзүн-өзү баалоону жүргүзүүгө;
- өзүнүн индивидуалдуулугун ачууга жардам берет.

**Педагогикалык тестирлөө**

Педагогикалык тестирлөө – бул педагогикалык тесттерди колдонууга негизделген окуучулардын билимдерин ченөөнүн формасы. Тестирлөө туура уюштурулганда мугалимге өзүнүн педагогикалык позициясын так аныктоого, ал эми окуучуга өзүнүн ийгиликтерин сын

көз караш менен баалоого жана кыйынчылыктарды аныктоого жардам берет. 7-таблицада окуучулардын билимин жана билгичтиктерин педагогикалык тестирлөөнүн түрлөрү көрсөтүлгөн.

**Тексттик тапшырмалардын түрлөрү**

**7-таблица**

| **Жабык түрдөгү тапшырмалар** | **Ачык түрдөгү тапшырмалар** | **Байланыштарды түзүүгө тапшырмалар** |
|---|---|---|
| Бир туура жоопту тандоо<br>Бир нече туура жоопторду тандоо | *Окуучулар өздөрү түзүшөт:*<br>Кыскача жоопту<br>Кеңири жоопту | Эки көптүктүн элементтеринин ортосунда шайкештиктерди аныктоо |

Географиялык компетенттүүлүктөрдү баалоодо ар кандай мүнөздөгү тапшырмаларды түзүү үчүн Б. Блумдун таанып билүү ишмердүүлүгүнүн деңгээлдерин (пирамиданы) колдонуу сунушталат. Б. Блумдун таанып билүү ишмердүүлүгүнүн деңгээлдерин максаттардын классификациясы катары караса болот жана аны пайдалануу төмөнкүлөргө мүмкүндүк берет:

- биринчи кезектеги окуу милдеттерин аныктоого жана андан аркы ишти пландаштырууга;
- окуучулар менен биргелешкен натыйжалуу ишти уюштурууга;
- окуу ишинде окуучуларга багыттарды көрсөтүүгө;
- окуучуларга аткарылган иштердин тууралыгын өз алдынча жана адекваттуу баалоого жардам берүүгө жана керектүү оңдоолорду киргизүүгө;
- баалоо жараянын объективдүүрөөк кылууга;
- пирамиданы колдонууда окуучулардын аракеттерин сүрөттөөнү гана эмес, 8-таблицада келтирилген бул аракеттердин натыйжаларынын жемишин дагы камтыйт.

**8-таблица**

| **Деңгээлдер** | **Окуучуларга берилген тапшырмалардын мисалдары** | **Алынган жыйынтык** |
|---|---|---|
| Билим | Тапкыла, бөлүп көрсөткүлө, белгиле, окугула, уккула, байкоо жүргүзгүлө, атагыла, жазгыла. | Презентация, таблица. |
| Түшүнүү | Ирети менен койгула, суроо бергиле, талкуулагыла. | Модель, китеп, сүрөт, диаграмма, чийме. |
| Колдонуу | Сүрөтүн түшүргүлө, чиймени түзгүлө, бөлүктөрдөн чогулткула, тизме түзгүлө, эксперимент өткөргүлө, отчет түзгүлө жана жазгыла. | Күндөлүк, коллекция, отчет, пазл, сүрөт, слайд-шоу, модель, карта, коллаж. |
| Талдоо (анализ) | Изилдегиле, ылгагыла, классификациялагыла, аныктама бергиле, салыштыргыла. | Билимдердин картасы, схема, сурамжылоо, диаграмма, рекламалык постер, доклад, репортаж. |
| Топтоштуруу (синтез) | Бириктиргиле, божомолду айткыла, ойлоп чыгаргыла, гипотеза чыгаргыла, | Аңгеме, ыр, поэма, фильм, ролик, журнал, радиоберүү, ыр, |

| Деңгээлдер | Окуучуларга берилген тапшырмалардын мисалдары | Алынган жыйынтык |
|---|---|---|
| | элестеткиле, далил келтиргиле, план-долбоор түзгүлө, далилдегиле, ролдо чыгып сүйлөгүлө, ойлоп тапкыла, башка жолдорду тапкыла. | мультфильм, компьютердик оюн, программа, рецепт, жаңы түс, даам, түр. |
| Баалоо | Баалагыла, талкуулагыла, тандагыла, вариант сунуштагыла, тобокелди баалагыла, көз караштарды негиздегиле, өз пикириңерди түзгүлө, сунуш-көрсөтмөлөрдү түзгүлө. | Дискуссиялык топ, жөнөтмө баракча, блог, сайт, сунуш-көрсөтмө, дискуссия, макала, рецензия, изилдөө, эссе, салыштырма таблица, өзүн баалоо баракчасы, рефлексия. |

Бул пирамиданын негизинде Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген төмөнкү деңгээлдерге жетишүү үчүн география предметинен тапшырмаларды түзүүгө болот:

2. Репродуктивдүү (I деңгээл) – окуучулар үлгүнү кайталай алгандыгы менен мүнөздөлөт (аракеттерди аткаруунун аныкталган алгоритми боюнча).
3. Продуктивдүү (II деңгээл) – өздөштүргөн теориялык билимди тааныш эмес жагдайда колдоно алуу менен мүнөздөлөт.
4. Чыгармачылык (III деңгээл) – окуу милдеттерин өз алдынча чечүүнү билдирет.

Төмөндө 10-класс боюнча окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун үлгүсү келтирилген.

Деңгээлдик тапшырмаларды түзүү үчүн негиз болуп күтүлүүчү натыйжалар саналат, алар ушул документтин «Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо» деп аталган үчүнчү бөлүмүндө сунушталган.

Мисалы, билим берүүчү натыйжасы:

**10.1.1.1. Дүйнөнүн саясий картасынын, дүйнө өлкөлөрүнүн көп түрдүүлүгүнүн калыптануусуна тарыхый доорлордун жана заманбап саясий жараяндардын таасирин талдайт** жана ал аркылуу текшерүүчү көрсөткүчтөр:

- саясий картанын калыптануусунун ар кандай баскычтарында өзгөрүүлөрдүн себеп-натыйжа байланыштарын аныктайт, XX кылымдын аягындагы – XXI кылымдын башындагы маанилүү геосаясий окуялардын мисалдарын келтирет;
- өлкөлөрдү аймактык белгиси, калктын саны, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли боюнча классификациялайт;
- Кыргызстанда жана дүйнөнүн башка өлкөлөрүндө башкаруунун формаларын жана аймактык-административдик түзүлүштөрдү салыштырат;
- өлкөнүн (Кыргызстандын же башка өлкөлөрдүн (тандоосу боюнча) саясий-географиялык абалы анын өнүгүүсүнө кандай таасир тийгизерин аныктайт.

Окуучу бул натыйжаларга жетишет, эгерде:

| 1. **Репродуктивдүү деңгээл** | 2. **Продуктивдүү деңгээл** | 3. **Чыгармачылык (креативдүү) деңгээл** |
|---|---|---|
| • Саясий картанын калыптануусунун баскычтарын мүнөздөсө, кагылышуулар болуп жаткан аймактарды атаса, мисалын келтирсе. | Конкреттүү мисалдарда дүйнөнүн саясий картасындагы сандык жана сапаттык өзгөрүүлөрдү тааныса. | • XX кылымдын аягындагы – XXI кылымдын башындагы маанилүү геосаясий окуялардын картосхемасын түзсө. |
| • Территориясы жана калкынын саны боюнча чоң өлкөлөрдү, карлик-мамлекеттерди, жарым арал жана арал мамлекеттерди, архипелаг өлкөлөрдү, өнүгүп келе жаткан жана өнүккөн мамлекеттерди мисал келтирсе. | • Өлкөлөрдү аймактык белгиси, калктын саны, социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли боюнча классификацияласа. | • Кандайдыр-бир белгилер боюнча өлкөлөрдүн көрсөткүчтөрүн өз алдынча аныктаса жана типологиясын ишке ашырса. |
| • Кыргызстандагы башкаруу формасын жана территориалдык түзүлүштү атаса, монархиялык жана республикалык башкаруу формалары менен, федеративдик жана унитардык территориалдык-административдик түзүлүштөгү өлкөлөрдү мисал келтирсе. | • Өлкөлөрдү башкаруу формалары жана территориалдык-административдик түзүлүшү боюнча классификацияласа, «Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүштөрү» системалаштырылган таблицасын түзсө. | • Чет өлкөлүк Европада жана чет өлкөлүк Азияда монархиялык башкаруу формасынын үстөмдүк кылуусу, жана Түндүк Америкада жок болгондугунун себептери жөнүндө аргументтештирилген эссе жазса. |
| • Кыргызстандын же каалаган башка өлкөнүн (тандоосу боюнча) саясий-географиялык абалын мүнөздөсө. | • Кыргызстандын же каалаган башка өлкөнүн (тандоосу боюнча) саясий-географиялык абалындагы окшоштуктарды жана айырмачылыктарды аныктаса. | • Өлкөнүн абалына жана анын өнүгүүсүнө саясий-географиялык абалдын таасири жөнүндө өзүнүн көз карашын билдирсе жана аны негиздесе. |

Төмөнкү мүнөздөгү тапшырмалар бул натыйжаны баалоонун куралы болушу мүмкүн:

***Репродуктивдүү деңгээл үчүн:*** төмөнкү түшүнүктөрдүн жана терминдердин мазмунун ачып бергиле: «Мамлекеттин чек аралары», «Территориалдык суулар», «Абсолюттук монархия», «Конституциялык монархия», «Теократиялык монархия», «Республика», «Унитардык мамлекет», «Федеративдик мамлекет».

***Продуктивдүү деңгээл үчүн:*** Китептин форзацтарындагы өлкөлөрдүн «таанытма карталарынын» негизинде төмөнкү форманы пайдалануу менен: «Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүшү» системалаштырылган таблицасын түзгүлө:

<table>
<tr><th colspan="3">Башкаруу формасы</th><th colspan="2">Административдик-аймактык түзүлүштүн формасы</th></tr>
<tr><td rowspan="2">Республикалар</td><td colspan="2">Монархиялар</td><td rowspan="2">Унитардык мамлекеттер</td><td rowspan="2">Федеративдик мамлекеттер</td></tr>
<tr><td>Конституциялык</td><td>Абсолюттук</td></tr>
</table>

Ар бир тилкеге мисал катары өлкөлөрдүн аталыштарын жазгыла.

***Чыгармачылык деңгээл үчүн:*** Сиз өлкөлөрдүн экономикасынын өнүгүүсүнүн деңгээли боюнча типологиясын ишке ашыруунун каалайсыз деп божомолдойлу. Сиз, биринчи кезекте, кандай көрсөткүчтөрдү пайдаланасыз? Эмне үчүн?

***Чен-өлчөмдөрдүн градациясы***

***1. Окуучулардын оозеки жана жазуу иштерин баалоонун чен -өлчөмдөрү***

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

1. программалык материалдын көлөмүн жана каралып жаткан түшүнүктөрдүн, кубулуштардын, теориялардын, мыйзамченемдүүлүктөрдүн, өз ара байланыштардынмаңызын өз алдынча ачып көрсөтө алса;
2. негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алса, конкреттүү мисалдар, фактылар менен өз алдынча жоопторду тастыктай алса;
3. өз алдынча жана аргументтүү талдаса, жалпыласа жана жыйынтык чыгара алса;
4. алган билимдерди тааныш эмес кырдаалда колдоно алса;
5. окуу материалын так, байланыштуу, негиздүү, логикалык ырааттуулукта жана катасыз айтып бере алса;
6. негизги түшүнүктөрдүн, мыйзамдардын, теориялардын так аныктамасын жана түшүндүрүлүшүн формулировкаласа жана жеке өзүнүн бүтүмүн чыгарса;
7. өз алдынча билим булактарын, көрсөтмө куралдарды, маалымдоо материалдарын, окуу китебин жана башка кошумча адабияттарды өз алдынча пайдаланса, тажрыйбалардын жана байкоолордун жыйынтыктарын чыгаруу үчүн колдоно алса;
8. чиймелер, сүрөттөр, схемалар, приборлор менен өз алдынча иштей алса;
9. географиялык картада географиялык номенклатура боюнча объекттерди тапса.

***"4" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

1. окуу үйрөнгөн материалды кайра айтып берүүдө орчундуу эмес каталар жана кечиликтер менен программалык материалдын көлөмүн өз алдынча ача алса;
2. түшүнүктөрдүн жана аныктамалардын мазмунун ачып көрсөтүүдө толук эмес жооп берсе жана илимий терминдерди пайдаланууда же байкоо жүргүзүүдөгү жана тажрыйбадагы жыйынтыктарда, жалпылоолордо чоң эмес таксыздыктар кездешсе;
3. материалды белгилүү логикалык ырааттуулукта айтып берсе, ушул эле учурда бир одоно эмес катаны же экиден көп жетишсиздиктерди кетирсе жана аларды өз алдынча оңдой алса;
4. жоопту конкреттүү мисалдар менен толуктаса;
5. үйрөнгөн материалда негизги жоболорду өз алдынча бөлүп көрсөтсө, фактылардын, мисалдардын негизинде жалпыласа бүтүм чыгарса;
6. негизги географиялык өз ара байланыштардын маңызын ачып көрсөтсө;

7. географиялык номенклатураны билсе жана чоң эмес каталар менен географиялык карта менен иштей алса.

***"3" деген баа коюлат , эгерде окуучу*:**

1. окуу материалынын негизги мазмунун ачып көрсөтсө, программалык материалды андан ары өздөштүрүүгө тоскоол болбогон материалдарды өздөштүрүүдө кемчиликтер болсо;
2. 2. окуу материалын баш аламан, үзүк, дайыма эле ырааттуулугу менен эмес айтып берсе;
3. жыйынтыктоолордо, жалпылоолордо жеткиликсиз жооптордун формулировкасын көрсөтсө, алсыз аргументтештирсе, аларда каталарды кетирсе;
4. илимий терминологияларды, пайдаланууда каталарды жана так эместиктерди кетирсе, түшүнүктөрдүн аныктамасын жеткиликтүү так эмес берсе;
5. байкоолордун же тажрыйбалардын жалпылоолорун жана корутундуларын далил катары пайдаланбаса же аларды айтып берүүдө каталарды кетирсе;
6. теориялардын жана мыйзамдардын негизинде конкреттүүкубулуштарды түшүндүрүүдө кыйналса;
7. окуу китебинин текстин айтып бере алса, бирок одоно бир-эки ката кетирүү менен тексттин кээ бир жоболорун жеткиликтүү түшүнбөсө;
8. географиялык карта менен практикалык иштөө көндүмү жок болсо жана географиялык номенклатураны начар билсе.

***"2" деген баа коюлат , эгерде окуучу*:**

1. материалдын негизги мазмунун ачып бере албаса;
2. жалпылоолорду, корутундуларды чыгара албаса;
3. программалык материалынын негизги же орчундуу бөлүгүн билбесе жана түшүнбөсө;
4. үлгү боюнча конкреттүү суроолорду жана маселелерди колдоно албаса; 5. бир суроого жооп берүүдө мугалимдин жардамы менен оңдой албаган экиден көп одоно каталарды кетирсе.
5. картаны пайдаланууда одоно каталарды кетирсе;
6. географиялык номенклатураны билбесе.

***"1" деген баа коюлат , эгерде окуучу*:**

1. бир дагы берилген суроолорго жооп бере албаса;
2. программалык материалды толугу менен өздөштүрбөсө.

### 3. Практикалык жана өз алдынча иштерге баалоонун чен-өлчөмдөрү

***"5" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**

1. практикалык же өз алдынча иштерди өз алдынча аткарса (керектүү адабияттарды тандоо, ишти аткаруунун кадамдарын түзүү ж.б.); ишти таза аткарса (презентабелдүү).

***"4" деген баа коюлат , эгерде окуучу*:**
1. практикалык же өз алдынча иштерди өз алдынча аткарса;
2. акыркы натыйжалардын тууралыгын таасир бербеген ишти аткаруунун сунушталган ireттүүлүгүнөн жана жасалгалоолордон кээ бир баш тартууларга уруксат берсе.

***" 3" деген баа коюлат , эгерде окуучу*:**
1. практикалык ишти жана аны жасалгалоону мугалимдин жардамы менен аткарса;
2. иш толугу менен аткарылбаса жана үйдөн аткарып келүүгө кошумча окуу убактысын талап кылынса;
3. географиялык приборлор, статистикалык маалыматтар жана картанын атласы менен өз алдынча иштегенде кыйналса.

***"2" деген баа коюлат, эгерде окуучу*:**
1. практикалык же өз алдынча ишти аткарууга даяр эмес;
2. аткарылган иштин жыйынтыктары туура корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк бербейт жана коюлган максаттары менен толугу менен ажырым болсо.

# 4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАРАЯНЫН УЮШТУРУУГА КОЮЛУУЧУ ТАЛАПТАР

## 4.1. «География» предметин ресурстук камсыздоого коюлуучу талаптар

Географияны окуунун оптималдык шарттарын түзүү үчүн төмөнкүдөй ресурстар зарыл:

1. Дубалга илинүүчү карталар: Кыргызстандын физикалык жана саясий-административдик карталары, дүйнөнүн саясий картасы, дүйнөнүн физикалык картасы.
2. 8-9-класстар үчүн Кыргызстандын географиялык атласы.
3. 10-класстар үчүн «Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясы» географиялык атласы.
4. Предмет боюнча китептер жана (же) электрондук тиркемелери, маалымдамалары, окуу-методикалык адабияты менен китептер же окуу китептеринин бар болушу.
5. Предмет боюнча кошумча басылма жана электрондук билим берүү ресурстарына, анын ичинде Интернет тармагына (maps.google.com) жеткиликтүүлүк.
6. Предметтин темалары боюнча мугалим жана окуучулар тарабынан түзүлгөн демонстрациялык таблицалардын, схемалардын жана башка шарттуу-графикалык көрсөтмө куралдардын болуусу.
7. Предмет боюнча жеке графикалык уюштуруучуларды түзүү үчүн окуу каражаттарына (кагаз, калемдер, маркерлер, флипчарттар жана башка) жеткиликтүүлүк.

8. Техникалык каражаттарга (аудио- видеоаппаратура, компьютер, проектор, көбөйтүүчү техника, **идеалда** – интерактивдүү такта ж.б.) жеткиликтүүлүк.

9. Натыйжалуу коммуникация максатында окуу мейкиндигин өзгөртүү үчүн жеңил ыңгайлуу эмеректин болуусу.

## 4.2. Шыктандыруучу окуу чөйрөсүн түзүү

Жаңы муундун стандарттары географияны окууга карата окуучулардын бийик окуу мотивациясын калыптандыруунун жана колдоонун ыкмаларын жана методдорун өркүндөтүүнү талап кылат, анын ичинде заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсүн эске алуу менен.

Географияны окутууда шыктандыруучу чөйрөнү, биринчи кезекте мугалим окутуунун жалпы дидактикалык принциптерин сактоо менен түзүлөт: *илимий, системалуулук, географияны гумандаштыруу жана социалдаштыруу, инсанга-багытталган (шыктандыруучу) ишмердүүлүк, окуунун жашоо менен байланышы, көрсөтмөлүүлүк.*

***Илимге таянуу принциби*** географиялык түшүнүктөрдү илимдин заманбап жетишкендиктерине шайкеш чечмелөө, окуу материалдарын берүү жолдору, окутуу ыкмалары, окуу жараянын уюштуруу логикасы менен түшүндүрүлөт.

***Системалуулук принциби*** башка теориялык билимдер менен логикалык байланышта жана улантуучулукта географиялык түшүнүктөрдү, фактыларды, кубулуштарды, принциптерди жана жоболорду, мыйзам ченемдүүлүктөрдү жана идеяларды кароону, башкача айтканда, предмет ичиндеги жана предметтер аралык байланыштарды ишке ашырууну болжойт.

***Географияны гумандаштыруу жана социалдаштыруу принциби*** адамдык, инсандык факторго, жашоонун социалдык тарабына, райондордун социалдык теңсиздик көйгөйлөрүнө, этникалык көйгөйлөргө, этномаданий дифференциацияда жана аймактык чыр-чатактарда конфессиялардын ролуна көңүл бурууну күчөтүүдө көрүнөт.

***Инсанга-багытталган (шыктандырган ) ишмердүүлүк принциби*** окуучулар тарабынан географияны окуп - үйрөнүүдөгү өздүк маңызды издөөнү, географиялык билимдерге жана аларды колдонууга кызыгуусунун өнүгүүсүн, сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүүнү, жаңы билим жана өз алдынча билим алууга муктаждыктарын болжолдойт. Ушуга практикалык, коммуникативдик, долбоордук-чыгармачылык тапшырмалардын жана милдеттердин системасы багытталган.


***Окуунун жашоо менен байланыш принциби*** окуучулар тарабынан географиянын илимий-практикалык мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө билимдерди алуусун, социалдык жоопкерчилик принцибинин жана позитивдүү типтеги коммуникациянын негизинде жашоо ишмердүүлүгүнүн формаларын жана ыкмаларын ийкемдүү алмаштырууга жөндөмдүү, өзүн-өзү ийгиликке жеткирген индивидди, жигердүү инсанды тарбиялоону чагылдырат.

***Көрсөтмөлүүлүк принциби*** окуу жараянында көрсөтмө каражаттарды иллюстрация үчүн гана эмес, географиялык билимдин өз алдынча булактары, окуу-таануу жана практикалык ишмердүүлүктү активдештирүү катары колдонууну болжолдойт. Ошол эле учурда шарттуу-графикалык көрсөтмөлүүлүктүн ролун күчөтүүгө көңүл бурулат (картосхемалар, диаграммалар, схемалар, таблицалар, графиктер ж.б.).

Окуу ишмердүүлүгүнүн негизги мотивдери болуп башка ишмердүүлүктөр сыяктуу эле, керектөөлөр жана кызыгуулар эсептелет. Окуучунун окууга каалоосу болушу керек жана ага өздөштүрүүгө сунушталып жаткан билимдер эмне үчүн керек экендигин түшүнүшү керек. Ошондуктан мугалим адегенде окуунун *мотивдерин,* андан соң *максаттарын* негиздеп жана андан кийин гана мазмунуна өтүшү керек.

Эгерде окуучу окуу ишмердүүлүгүнө жигердүү камтылса, сабактарда оюн топтоп жана көңүл бурса, мугалимге окулуп жаткан материал боюнча суроолорду берсе, демек, баланын өздүк мотивациясы абдан бийик, таанып-билүү кызыгуусу ачык көрүнөт.

Окуучулардын өздүк мотивдери көптөгөн факторлордон көз каранды, алардын негизгилери 1-сүрөттө көрсөтүлгөн.




**1-сүрөт. Окуучулардын өздүк мотивдерине таасир тийгизген факторлор**

Компетенттүүлүктү калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган предметтик стандарт окуучулардын инсандык өнүгүүсүнүн бардык тармактарын эске алат: таанып-билүү, эмоционалдык жана психомотордук, балдардын билим берүүнүн бир баскычынан экинчисине акырындап өтүүдө прогрессти жана ырааттуулукту чагылдырат. Бул контекстте билим берүүдө предметти окуп-үйрөнүүгө шыктанууну (мотивацияны) демилгелөө жана колдоо, инсандык сапаттарын калыптандыруу, жеке жетишкендиктерин өнүктүрүү максатында окуучулардын жаш курагына ылайык келген окутуунун ар түрдүү стратегияларын пайдалануу керек.

Шыктануунун деңгээлине жараша окуу-тарбия ишинин көрсөткүчү өзгөрөт. Географияны окутууда заманбап окутуунун технологияларын колдонуу бул көйгөйдү чечүүгө жардам берет. Окуучулардын практикалык ишмердүүлүктө керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн география сабактарында географиялык маалыматтардын ар түрдүү булактарынын бар болушу маанилүү - карталар, глобустар, атластар, көрсөтмө жана дидактикалык материалдар, географиялык объекттердин мүнөздөмөлөрүнүн жана баяндоолордун пландары, тигил же бул тапшырмаларды аткаруу үчүн иш-аракеттердин

тизмеси менен нускамалык материалдар, практикалык иштерди аткарууга карата нускамалар, контурдук карталар менен иштөө эрежелери ж.б.;

Мындай иш-чараларды сунуштоо менен мугалим окуучулардын өзөктүү компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга, таанып билүү ишмердүүлүгүн өстүрүүгө, предметке болгон кызыгуусун жогорулатууга багыт алат.

Шыктануу (мотивация) ички жана сырткы болушу мүмкүн. Ички шыктануу (мотивация) билбегенден билгенге карай ийгиликтүү жылуу негизин түзөт. Ички мотивация 4 түргө бөлүнөт: жыйынтык, процесс боюнча мотив; баага жана ыңгайсыздыктан оолактоо мотиви. Алдыңкы эки мотивдер акыркы жыйынтыкка жетишүү ишинде жеке окуучунун жеке кызыкчылыгы үчүн шарттарды түзөт.

Окуучулардын шыктанууну (мотивациялык) тармагы, алардын ишмердүүлүктүн ар түрдүү түрлөрүнө мамилеси жана окуп-үйрөнүүдө өзүнүн жалпы активдүүлүгү негизинен алардын муктаждыктары менен дагы, ошондой эле ылайыктуу максаттары менен дагы аныкталат. Окуучулардын мотивациясынын интенсивдүүлүгү көбүнчө өзүнүн ишинин максаты жөнүндө түшүнүгү менен аныкталат. Өзүнүн ишинин маанилүүлүгү жана өзүнүн максатын так элестетиши окуучулардын шыктануусун күчөтүүнүн күчтүү каражаты болуп саналат.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө – мектептин жашоо ишмердүүлүгүнүн тартибин калыптандыруучу факторлордун жыйындысы: мектептин материалдык ресурстары, окуу ишин уюштуруу, тамактануу, медициналык жардам, психологиялык климат.

Заманбап шартта шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрө татаал, көп деңгээлдүү кубулуш катары каралат. Ал **физикалык, психологиялык, академиялык чөйрө** болуп бөлүнөт жана төмөнкү аспекттерди камтыйт.

**Физикалык чөйрө:**

- материалдык (мектептин жана класстын абалы),
- технологиялык (мектептин, класстын материалдык-техникалык базасы).
- Маалыматтык - компьютердик технологиялар (интерактивдик такта, компьютер, проектор, экран ж.б.)

**Психологиялык чөйрө:**

- психологиялык (мотивация түзүү жана колдоо, мугалим жана окуучунун ортосундагы мамиле, окуучулардын ортосундагы, профилдик билим берүү мүмкүнчүлүгү).
- балдардын жана ата-энелердин мектептен, билим берүүдөн коркуу сезимин жок кылган;

**Академиялык чөйрө:**

- уюштуруучулук (окуу иши, класстан тышкаркы ишмердүүлүк кантип уюштурулган);
- педагогикалык (мугалим жана окуучунун интеллектуалдык деңгээли);
- окутууда ар түрдүү ыкмаларды жана техникаларды пайдаланган;
- өз учурундагы кайтарым байланышты берген, сунуштаган.

Анын ар бири мектепте шыктандыруучу жана демилгелөөчү факторлор менен толтурулат, бул мектептин шыктандыруучу чөйрөнү түзгөндүгү жөнүндө айтууга мүмкүнчүлүк берет. Мындай чөйрө сапаттуу билим берүүнүн жогорку деңгээлин камсыз кылат.

Шыктандыруучу билим берүүчүлүк чөйрөнүн **принциптери:**

- **ийкемдүүлүк** - мектептин сырткы чөйрөнүн өзгөргөн шарттарына ийкемдүү жооп кайтаруусун камсыз кылышы;
- **гумандуулук, руханий** баалуулуктарга артыкчылык берген;
- **инновациялык, динамикалык;**
- **динамикалык жана жаңыруучу** - ыңгайлашуунун эсебинен эмес, алдыга өнүгүүнүн эсебинен дайыма өзгөрүлгөн социалдык маданий кырдаалдарда сапаттуу билим берүүнү камсыздалышы;
- **ачыктуулук** - айлана-чөйрөнүн, ата-энелердин, мектептин социалдык өнөктөштөрүнүн педагогикалык дараметин **ачык** пайдаланган**;**
- **технологиялык** - заманбап деңгээлге ылайык келген заманбап жана маалыматтык коммуникативдик технологияны пайдалануу менен, сапаттуу билим берүүнү алууда кепилдик жыйынтыкты камсыздалышы;

Ошентип, шыктандыруучу чөйрө – билим берүү сапатын жогорулатууну камсыз кылган бардык субъекттердин (окуучулар, мугалимдер, жетекчилик, ата-энелер, социалдык өнөктөштөр) бийик мотивациясын (ички түрткүлөрдүн аракеттенүү системасы) аныктоочу, демилгелөөчү факторлордун (материалдык, уюштуруучулук, психологиялык, педагогикалык, техникалык) комплексине ээ чөйрө.

# Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын

# «ГЕОГРАФИЯ»

## предмети боюнча 10-11 - класстар үчүн программа (Базалык деңгээл)

**Түзүүчүлөр:**
**Джунушалиева К.К.** – Кыргыз билим берүү академиясынын табигый жана математикалык предметтер боюнча улук илимий ишкер, п.и.к., доцент;
**Данилевская Л.М.** – Бишкек шаарынын № 13 мектеп-гимназиясынын мугалими

**Бишкек 2018**

# ГЕОГРАФИЯ: ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА 10-11 - КЛАССЫ ҮЧҮН ПРОГРАММА (БАЗАЛЫК ДЕҢГЭЭЛ)

Программа Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 10 - 11 - класстары үчүн «ГЕОГРАФИЯ» предмети боюнча предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан.

## ТҮШҮНДҮРМӨ КАТ

Жалпы билим берүү уюмдарынын 10-11-класстары үчүн география боюнча программа Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 21.07.2014-жылдагы № 403 «Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» Токтомунун, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 10-11-класстарынын география боюнча предметтик стандартынын негизинде түзүлгөн.

Программа мектепте заманбап географиялык билим берүүнү калыптандырууда башкы болуп эсептелген компетенттүүлүктүн негизинде түзүлгөн стандарттын идеясын жүзөгө ашырат. Компетенттүүлүк мамиленин маңызы алынган теориялык билимдерди практикалык иште жана күндөлүк турмушта колдонуусунда.

Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандарты үч компетенттүлүктү негизги катары карайт: *маалыматтык, социалдык-коммуникациялык, өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү.*

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – маалыматты өз ишмердүүлүгүн пландаштыруу жана жүргүзүү үчүн пайдаланууга, далилдүү корутундуларды чыгарууга даярдыгы. Адамга сынчыл аңдап - түшүнгөн маалыматтын негизинде, баамдалган чечим чыгарууга мүмкүндүк берет.

**Социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк** – жеке умтулууларын башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары менен шайкеш келтирүүгө, ар түрдүү көз караштарды таануунун жана башка адамдардын баалуулуктарына (диний, этникалык, кесиптик, инсандык ж.у.с.) сый мамиле жасоонун негизинде өзүнүн көз карашын цивилизациялуу жол менен жактоого даярдыгы.

«**Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү**» **компетенттүүлүгү** – маалыматтагы, окуу жана/же жашоо жагдайларындагы карама-каршылыктарды белгилөөгө жана аларды ар кандай ыкмаларды колдонуу менен өз алдынча же башкалар менен өз ара байланышта чечүүгө, ошондой эле андан аркы аракеттер жөнүндө чечимдерди кабыл алууга даярдыгы.

Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартына ылайык 10-11-класстар үчүн «Дүйнө географиясы. Өлкөлөр жана аймактар» география курсун окутууга окуу планда 68 саат (жумасына 1 саат) бөлүнгөн, башкача айтканда эки окуу жылына эсептелген (10 - класс жана 11-класс). Окутуунун ар бир жылына 34 сааттан бөлүнүп, 10-класста дүйнө өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн жалпы мүнөздөмөсү, б.а. дүйнөнүн саясий картасынын өнүгүү баскычтары, дүйнө өлкөлөрүнүн экономикасынын өнүгүүсүнүн заманбап тенденциялары жана алардын геоэкологиялык мүнөздөгү маселелер каралат. Бул маселелерди кароодо «Жаратылыш – адам – коом – айлана чөйрө»

системаларынын гармониялуу өнүгүүсүн караган туруктуу өнүгүүгө басым жасалган. Ал эми 11-класста курсу окуу дүйнө өлкөлөрүнүн жана аймактарынын мүнөздөмөлөрүнө арналат.

10-11-класстардын программасында төмөнкүдөй *предметтик компетенттүүлүктөрдү* калыптандыруу каралган: *географиялык, геоэкологиялык, социалдык-инсандык.*

**Географиялык компетенттүүлүк** – дүйнөнүн бүтүн сүрөттөлүшүн көрүү, географиялык мейкиндиктин көп түрдүү жараяндары жана кубулуштары жөнүндө билимдерди чечилүүчү маселелерге жана түзүлгөн жагдайларга карата пайдалануу жана ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгү.

**Геоэкологиялык компетенттүүлүк** – адамдардын, аймактардын жана жаратылыш чөйрөсүнүн ортосундагы өз ара байланыштардын татаал системасын баалоо, жаратылыштык-социалдык дүйнөгө асыл мамилени жаратуу жөндөмдүүлүгү.

**Социалдык-инсандык компетенттүүлүк** – реалдуу географиялык мейкиндикте ыңгайлашуу жана аракеттенүү, инсандык максаттарды жана маанилерди аныктоо, аларды өз жашоосунда долбоорлоо жана жүзөгө ашыруу жөндөмдүүлүгү.

## ГЕОГРАФИЯНЫ ОКУТУУНУН МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

География боюнча предметтик стандартта бул компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу үчүн Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын жогорку мектептеринде географиялык билим берүүнүн *максаты* төмөнкүдөй аныкталган:

«Географиялык компетенциялардын топтомуна ээ болгон, дүйнөгө руханий - баалуу мамилеси калыптанган, жаратылыштык, жаратылыштык-техногендик жана социалдык-экономикалык кубулуштар жана жараяндар жөнүндө билимдин негизинде реалдуу географиялык мейкиндикте ыңгайлашууга жана иштөөгө жөндөмдүү инсанды калыптандыруу».

География боюнча предметтик стандартта каралган географиялык билим берүүнүн максаттарынан улам программанын максаты жана милдеттери келип чыгат, алар төмөнкүлөр:

- бүтүн, көп түрдүү жана тез өзгөрүп жаткан дүйнө жөнүндө географиялык билимдердин системасын системалаштыруу;
- жаратылыштык, социалдык-экономикалык жараяндарды жана кубулуштарды сүрөттөө жана талдоо;
- окуучулардын таанып-билүү кызыгууларын, интеллектуалдык жана чыгармачыл жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү үчүн чыгармачыл жана таанып-билүү окуу маселелерин чечүү;
- толеранттуу болуу, башка элдердин маданиятын жана айлана - чөйрөгө асыл мамиледе болуу;
- практикалык ишмердүүлүктө жана күндөлүк турмушта географиялык компетенттүүлүктөрдү колдонуу;
- географиялык маалыматтарды табуу жана колдонуу;
- дүйнө аймактарынын жана өлкөлөрүнүн географиялык өзгөчөлүктөрүн талдоо.

Мына ошентип, «Дүйнө географиясы. Өлкөлөр жана аймактар» курсунун мазмуну окуучуларды дүйнөлүк саясатта жана экономикада болуп жаткан жараяндарды түшүнүүгө, курчап турган чындыкты туура кабыл алууга даярдоого мүмкүндүк берет.

Программа сабактарды окуу жараянын уюштуруунун ар кандай формаларын пайдалануу, заманбап педагогикалык технологияларды жана окутуу усулдарын киргизүү менен сабактарды өткөрүү карайт.

Окуу жараянын уюштуруунун негизги формасы болуп класстык-сабак системасы эсептелет, ошондой эле консультациялык колдоонун, жекече сабактардын системасы, окуучулардын заманбап маалыматтык технологияларды, инсанга багытталган, маалыматтык технологияларды, өнүктүрүүчү окутуу жана окуу-издөө ишмердүүлүгүн пайдалануу менен өз алдынча иштери пайдаланат.

## МУГАЛИМДЕР ҮЧҮН МЕТОДИКАЛЫК КӨРСӨТМӨЛӨР

Стандартты жүзөгө ашыруунун негизи болуп сабак жана башка окутуунун уюштуруучулук формалары эсептелет. Бул учурда:

- окуучунун жумушчу ордунун даярдалышына, географиялык билимдин булактарынын (карталар, окуу китептери, дидактикалык таркатылуучу материалдар ж.б.) бар болушуна көңүл бурулат;
- мугалим жаңы теманы окууга кызыктырат жана сабактын максаттарын аныктайт, жаңы материалдын практикалык маанисине көңүл бурат.

Окуу жараянын уюштуруунун жүрүшүндө төмөнкүлөрдү аткаруу максатка ылайыктуу:

- Окуучунун инсандыгына кайрылууга багытталган ыкмаларды пайдалануу. «Эмнени билесиздер, эмнени биле аласыздар…», «Далилдеп бериңиздер...», «Негиздеп бериңиз...», «Өзүңүздүн ой пикириңизди коргоңуз...», «Кандай деп ойлойсуздар, эгерде … болсо, эмне болот...» - ж.у.с.;
- Сабакта окутуунун ар кандай усулдарын колдонуу. Окуучулардын өз алдынча иши. Проблемалуу окутуунун усулдары (проблемалуу баяндоо, жарым жартылай-издөө, изилдөө) окуучулардын өз алдынча ишмердүүлүгүн уюштурууга багытталган, ал окуп-үйрөнүүнүн, таанып-билүү кызыгуусун, жана окуу ишмердүүлүгүнө жигердүү катышуусун стимулдаштырат. Мугалим көйгөйлүү суроону же көйгөйлүү милдети коет. Адатта, туура түзүлгөн суроо көйгөйдү чечүүгө каалоо жана кызыгууну пайда кылат. Мисалы, «Эмне үчүн Жез алкагы районундагы өнөр-жай продукциясын ташып чыгаруу үчүн Конго дарыясы пайдаланбайт?»
- Окуу жараянын уюштуруунун ар түрдүү формаларын пайдалануу – окутуунун оюн технологиялары, топтук иш, конференциялар, сынактар, дискуссиялар ж.б. Сабактын адаттагыдан башкача аталышы дагы мотивациянын пайда болушуна кызмат кылышы мүмкүн, мисалы, «ШСК-энергетика – ишенимдүү келечек. Шамалдын, суунун, Күндүн эсебинен электр энергиясына муктаждыкты толугу менен кантип канааттандырууга болот», «Глобалдык ландшафт – каатчылыктан кийинки стратегия».
- Илимий маалыматтарды пайдалануу, заманбап жашоодо географиялык компетенттүүлүктөргө ээ болуунун коомдук маанисин көрсөтүү.

- Окуучуларды географияны билүүсү керек болгон кесиптер менен тааныштыруу. Окуучуларга кругозору кенен, мейкиндиктик өз ара байланыштарды жана мыйзамченемдүүлүктөрдү түшүнгөн, аларды практикада колдоно билген адистердин алдында өзүн ар кандай тармактарда – бизнесте жана саясатта, илимде, бийлик органдарында ж.б. ишке ашырышы үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр ачыларын түшүндүрүү.
- Окуучулардын көңүлүн өзгөчөлөнгөн фактыларга, жараяндарга, жаратылыш феномендерине, коомдук жашоонун окуяларына буруу, аналогияларды, ассоциацияларды кеңири пайдалануу.
- Тарыхый принцибин пайдалануу. Географиялык изилдөөлөрдүн тарыхы боюнча материалдарды гана эмес, Кыргызстандын жана бүт дүйнөнүн саясий жана социалдык-экономикалык тарыхы боюнча материалдарды да колдонуу зарыл.
- Предметтер аралык байланыштарды кеңири колдонуу. Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясынын мазмунунун өзү, анын башка дисциплиналар – адабият, математика менен чоң интеграциялык дарамети мектеп окуучуларынын окуп - үйрөнүүсүнүн жакшы мотивациялык негизи болуп кызмат кылат.
- Окуу жараянында окуучулардын чыгармачылык иштерин пайдалануу, мисалы, балдар мектеби, айылы, шаары, же шаардын бөлүгү жөнүндө географиялык маалыматты, өзүнүн социалдык-экономикалык изилдөөлөрүнүн натыйжаларын жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарына сунуш-көрсөтмөлөрдү интернетте жайгаштыра алышат (википедия же блогдо).
- Окуунун натыйжаларын көзөмөлдөөнүн ар кандай, ошондой эле стандарттуу эмес формаларын колдонуу. Окуу ишмердүүлүгүнө баа берилбесе окуучулар окууга кызыгуусун тез жоготушат. Окуучулар үчүн көзөмөлдөөнүн жана баалоонун эң кызыктуу формалары болуп контурдук карталарда иштөө, номенклатураны өз ара текшерүү, тесттер ж.б. эсептелет.
- - Мугалимдин инсандыгы, анын кесиптик эрудициясы, предметке кызыгуусу, методикалык чеберчилиги жана окуучулардын кызыгууларын түшүнүүсү окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнө ийгиликтүү шыктанышын орчундуу камсыз кылганын эстен чыгарбоо керек. Мына ошентип, окуу ишмердүүлүгүнүн мотивациясы географиялык билимдердин баалуулугун түшүнүүнү камсыздайт, аларды аңдап - түшүнүп өздөштүрүүгө алып келет, эмоционалдык көтөрүлүүнү чакырат, анын аркасында таанып-билүүгө кызыгуу өнүгөт, окуучулардын окуу ишмердүүлүгү активдешет.

## ОРТО МЕКТЕПТИН ПРОГРАММАСЫ
## ДҮЙНӨ ГЕОГРАФИЯСЫ. ӨЛКӨЛӨР ЖАНА АЙМАКТАР

### X КЛАСС

(34 саат; жумасына 1 саат)

**Киришүү (1 саат)**

«Дүйнө географиясы. Өлкөлөр жана аймактар» курсу эмнени жана кантип окутулат. Курстун максаттары жана милдеттери.

**1-тема. Көп түрдүү дүйнө (6 саат)**

Дүйнө өлкөлөрүнүн классификациясы жана типологиясы. Өлкөлөрдүн саны жана тобу. Өлкөлөрдүн типологиясы. Өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөр. Дүйнөнүн саясий картасы жана эл аралык мамилелер. Дүйнөнүн саясий картасын түзүүнүн баскычтары. Эл аралык мамилелердин дүйнөнүн саясий картасына тийгизген таасири. Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүшү. Башкаруунун негизги түрлөрү: республикалык жана монархиялык. Административдик-территориалдык түзүлүштүн негизги формалары: унитардык жана федеративдик.

Саясий география жана геосаясат. Дүйнөнүн айрым өлкөлөрүнүн жана аймактарынын саясий-географиялык абалы.

**Практикалык иштер:**

1. «Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттик түзүлүшү» таблицасын түзүү.
2. Контурдук картада ири өлкөлөрдү, алардын борборлорун, эл аралык уюмдарды белгилөө.
3. Өлкөлөрдүн саясий-географиялык абалынын мүнөздөмөсү (тандоо боюнча).

**2-тема. Дүйнөлүк жаратылыш ресурстарынын географиясы жана геоэкология (9 саат)**

Географиялык чөйрө жана жаратылышты пайдалануу. Коомдун жана жаратылыштын ортосунда «зат алмашуу». Жаратылышты рационалдуу жана рационалдуу эмес пайдалануу.

Дүйнөлүк жаратылыш ресурстары. Минералдык ресурстар. Кендик жана кен эмес минералдар. Жер ресурстары. Дүйнөлүк жер фонду. Суу ресурстары, Таза суу көйгөйү. Биологиялык ресурстар. Өсүмдүк ресурстары. Жаныбарлар дүйнөсүнүн ресурстары. Дүйнөлүк океандын ресурстары. Климаттык, космостук жана рекреациялык ресурстар.

Ресурс менен камсыздалуу. Ресурс менен камсыздалууга баа берүү. Айлана - чөйрөнү булганышы жана коргоо. Литосферанын, гидросферанын, атмосферанын антропогендик булгануусу. Жаратылышты коргоо көйгөйлөрүн чечүүнүн жолдору. Жаратылышты коргоо ишмердүүлүгү жана экологиялык саясат. Айлана - чөйрөнү коргоодо эл аралык уюмдардын ролу.

**Практикалык иштер:**

1. Пайдалуу кен байлыктардын эң ири жерлеринин жайгашуусун картосхемада түзүү.
2. Айрым өлкөлөрдүн же дүйнөнүн (тандоо боюнча) ресурс менен камсыздалуусун талдоо жана баа берүү.

**3-тема. Калктын географиясы (7 саат)**

Калктын саны жана көбөйүүсү. Көбөйүү. Калктын көбөйүүсүнүн биринчи тиби. Демографиялык кризис. Калктын көбөйүүсүнүн экинчи тиби. Демографиялык көтөрүлүү. Демографиялык саясат.

Калктын түзүлүшү. Калктын жыныстык жана курактык курамы. Калктын этнолингвистикалык жана диний курамы. Калктын жайгашуусу жана жыштыгы. Калктын миграциясынын түрлөрү жана себептери. Шаар калкы. Урбанизация. Урбанизациянын деңгээлдери жана арымдары. Айылдык жайгашуунун түрлөрү. Калк жана айлана-чөйрө. Калктын жашоосунун деңгээли жана сапаты.

**Практикалык иштер:**

1. Ири аймактарда жана айрым өлкөлөрдө урбанизациянын арымдарына жана деңгээлдерине салыштырма мүнөздөмөлөрүн түзүү.

2. Калктын көбөйүүсүнүн биринчи жана экинчи тибинин өзгөчөлүктөрүн салыштыруу.

3. Ар кандай типтеги өлкөлөрдө калктын курактык-жыныстык пирамидаларын жана жумуштуулук түзүлүшүн талдоо.

**Долбоор:** «Өз өлкөмдүн (же каалаган башка өлкөнүн) шарттарын жакшыртуу үчүн мен эмне кыла алам?»

**4-тема. Илимий - техникалык революция (ИТР) жана дүйнөлүк чарба (2 саат)**

ИТР. Дүйнөлүк чарба. Эл аралык эмгектин бөлүштүрүлүшү (ЭАЭБ). Эл аралык экономикалык интеграция. ТНК. Дүйнөлүк чарбанын түзүлүшү жана негизги моделдери.

Дүйнөлүк чарбанын тармактарынын жайгашуусунун салттуу жана жаңы факторлору.

**5-тема. Дүйнөлүк чарбанын тармактарынын географиясы. Айлана-чөйрө жана натыйжалуу технологиялар (9 саат)**

Отун өнөр-жайы. Электр энергетикасы. Тоо-кен өнөр жайы жана металлургия. Машина куруу. Химиялык, токой жана иштетүү өнөр жайы. Дүйнөнүн айыл чарбасы. Транспорттун жана байланыштын географиясы. Бүткүл дүйнөлүк экономикалык мамилелер.

**Практикалык иштер:**

1. Контурдук картада дүйнөнүн негизги өнөр жай борборлорун белгилөө.

2. Дүйнөнүн өнөр-жай тармактарынын бирине (тандоо боюнча) экономикалык-географиялык мүнөздөмө.

3. Дүйнөнүн ар кандай аймактарында транспорттун басымдуулук кылган түрлөрүн табуу, аймактардын бири үчүн транспорттук системалардын өнүгүүсүн баалоо жана божомолдоо.

4. Эл аралык туризмдин негизги райондорунун картосхемасын түзүү, жаратылыш жана маданий-тарыхый эстеликтер айкалышкан аймактарды бөлүү.

## ДАЯРДЫК ДЕҢГЭЭЛИНЕ ТАЛАПТАР

***Географияны окуунун натыйжасында окуучу:***

1. негизги географиялык түшүнүктөрдү жана терминдерди; географиялык изилдөөлөрдүн салттуу жана жаңы усулдарын **айтып берет;**
2. жаратылыш ресурстарынын негизги түрлөрүнүн жайгашуусунун өзгөчөлүктөрүн, алардын негизги чыккан жерлерин жана территориалдык айкалышуусун; дүйнөнүн, айрым аймактардын жана өлкөлөрдүн калкынын санын жана динамикасын, алардын этногеографиялык өзгөчөлүгүн; калктын жашоо сапатындагы жана деңгээлиндеги айырмачылыктарды, миграциялардын негизги багыттарын; заманбап урбанизациянын көйгөйлөрүн **санайт;**
3. эл аралык турмуштун эң маанилүү социалдык-экономикалык окуяларын, дүйнө аймактарындагы, башка өлкөлөрүндөгү жана Кыргыз Республикасындагы геосаясий жана геоэкономикалык кырдаалга, алардын мүмкүн

болгон өнүгүү тенденцияларына баа берүү үчүн географиялык маалыматтарды, карталарды, статистикалык материалдарды, геомаалымат системаларын жана Интернет ресурстарын **табат;**

4. глобалдаштыруу, эл аралык туризм жана эс алуу, ишкердик жана окуу программалары, адамдардын баарлашуусунун ар кандай түрлөрүнүн өтө ылдам өнүгүү шарттарда дүйнөнүн ири аймактарынын жана өлкөлөрүнүн географиялык өзгөчөлүгүн **аныктайт;**
5. дүйнөлүк чарбанын тармактык жана территориалдык түзүлүшүнүн географиялык аспектилерине, анын негизги тармактарынын жайгашуусуна, айрым өлкөлөрдүн жана аймактардын географиялык өзгөчөлүгүнө, алардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнүн деңгээли боюнча айырмачылыктарына, эмгектин эл аралык географиялык бөлүштүрүлүү системасындагы адистешүүсүнө, адамзаттын глобалдык көйгөйлөрүнүн географиялык аспектилерине **мүнөздөмө берет;**
6. Кыргыз Республикасынын заманбап геосаясий жана геоэкономикалык абалынын өзгөчөлүктөрүн **бөлүп көрсөтөт;**
7. маалыматтын ар кандай булактары боюнча жаратылыштык, социалдык-экономикалык жана геоэкономикалык объектилеринин, жараяндарынын жана кубулуштарынын өнүгүүсүнүн географиялык тенденцияларын **аныктайт жана салыштырат;**
8. дүйнөнүн айрым өлкөлөрүнүн жана аймактарынын ресурс менен камсыздалуусун, алардын демографиялык жагдайын, урбанизациянын жана территориалдык концентрациясынын, калкынын жана өндүрүшүнүн деңгээлдерин, айрым аймактардын жаратылыштык, антропогендик жана техногендик өзгөрүүлөрүнүн даражасын **баалайт жана түшүндүрөт;**
9. жаратылыштык, социалдык-экономикалык жана геоэкологиялык объектилерге, жараяндарга жана кубулуштарга, ар түрдүү факторлордун таасири алдында алардын өзгөрүүлөрүнө байкоо жүргүзүү үчүн географиялык маалыматтын ар кандай булактарын **талдайт;**
10. дүйнөнүн аймактарынын жана өлкөлөрүнүн комплекстүү географиялык мүнөздөмөлөрүн; ар кандай кубулуштардын жана жараяндардын географиялык мыйзамченемдүүлүктөрүн, алардын территориалдык өз ара аракеттенүүлөрүн чагылдырган таблицаларды, картосхемаларды, диаграммаларды, жөнөкөй карталарды, моделдерди **түзөт.**

## XI КЛАСС

(34 саат; жумасына 1 саат)

## ДҮЙНӨ ГЕОГРАФИЯСЫ. ӨЛКӨЛӨР ЖАНА АЙМАКТАР

**Киришүү (2 саат)**

Дүйнөнүн тарыхый-географиялык райондору. Бөлүү белгилери. Социалдык-экономикалык контрасттар. Экономикалык кубаттардын дүйнөлүк борборлору. Ири аймактар: Чет өлкөлүк Европа, Чет өлкөлүк Азия, Австралия, Африка, Түндүк Америка, Латын Америка.

Ири өлкөлөр: Кытай, Япония, Индия, Австралия, ТАР, АКШ, Канада, Бразилия.

Кыргызстан дүйнөлүк географиялык мейкиндиктин субъекти катары.

**1-тема. Европа (4 саат)**

Аймактын жалпы мүнөздөмөсү. Аймагы, чек аралары, Экономикалык географиялык абалы (ЭГА), Саясий географиялык абалы (СГА), негизги табигый объектилери, географиялык аймактын (өлкөнүн) картасы.

Аймактын (өлкөнүн) жаратылыш шарттарынын жана ресурстарынын территориалдык дифференциациясы.

Аймактын (өлкөнүн) аймактарын ачуунун жана анда калктын жайлашуусунун тарыхый-географиялык аспектилери. Аймактын (өлкөнүн) калкынын жайгашуусу жана миграциясы. Аймактын (өлкөнүн) субаймактары, чарбасынын территориалдык дифференциациясы. Жайгашуунун жана чарбанын географиялык сүрөтү.

**Практикалык иштер:** Өлкөнүн (окуучунун тандоосу боюнча) геомаданий мейкиндигин изилдөө.

**2-тема. Азия (8 саат)**

Аймактын жалпы мүнөздөмөсү. Аймактын (өлкөнүн) географиялык өзгөчөлүгү, образы.

Аймактын (өлкөнүн) демографиялык абалы жана калкынын курамы. Аймактын (өлкөнүн) геосаясий, экономикалык, социалдык, экологиялык көйгөйлөрү, аларды чечүүнүн жолдору. Геомаданий мейкиндик. Азиянын субаймактары: Кытай, Япония, Индия.

**Практикалык иштер:** Өлкөнүн (окуучунун тандоосу боюнча) геомаданий мейкиндигин изилдөө.

**3-тема. Көз карандысыз мамлекеттер (6 саат)**

Аймактын жалпы мүнөздөмөсү. Аймактын (өлкөнүн) чарбасынын территориалдык уюшуусу жана дифференциациясы. Аймактын (өлкөнүн) адистешүүсү. Аймактын (өлкөнүн) өнөр - жайынын, айыл - чарбасынын, транспортунун негизги тармактары.

**4-тема. Африка (4 саат)**

Аймактын жалпы мүнөздөмөсү. Аймактын (өлкөнүн) чарбасынын территориалдык уюштурулушу жана дифференциациясы. Аймактын (өлкөнүн) адистешүүсү. Аймактын (өлкөнүн) өнөр - жайынын, айыл -чарбасынын, транспортунун негизги тармактары. Африканын субаймактары. ТАР. Африканын экологиялык көйгөйлөрү.

**Практикалык иштер:** Өлкөнүн (окуучунун тандоосу боюнча) геомаданий мейкиндигин изилдөө.

**5-тема. Австралия жана Океания (2 саат)**

Спецификалык өзгөчөлүктөрү. Аймактын курамы. Океания өлкөлөрү. Демографиялык сүрөттөлүшү. Калктын жана чарбанын жайгашуусундагы тең эместик. Конуштоонун түрлөрү.

**6-тема. Америка (6 саат)**

АКШ жалпы мүнөздөмөсү жана райондору. Канада. Латын Америкасы. Мексика. Борбордук Америка жана Вест-Индия аралдары. Анд өлкөлөрү. Амазонка бассейнинин жана Ла-Плата ойдуңунун өлкөлөрү. Бразилия.

**Практикалык иштер:** Өлкөнүн (окуучунун тандоосу боюнча) геомаданий мейкиндигин изилдөө.

**7-тема. Адамзаттын глобалдык көйгөйлөрү (2 саат)**

Адамзаттын глобалдык көйгөйлөрү, алардын себептери. Глобалдык божомолдор, гипотезалар жана долбоорлор. Өнүгүүнүн туруктуу стратегиясы. Менин тандоом (өзүнүн келечектеги ишмердүүлүгүн пландаштыруу).

## ДАЯРДЫК ДЕҢГЭЭЛИНЕ ТАЛАПТАР

***Географияны окуунун натыйжасында окуучу:***

- ✓ кызматташтык жана коопсуздук боюнча эл аралык уюмдарды **санайт**, заманбап дүйнөдөгү геосаясий чечимдерге өзүнүн көз карашын **билдирет;**
- ✓ миграциялык жараяндардын себептери жана кесепеттери, окулуп жаткан аймактардагы жана өлкөлөрдөгү коомдун өнүгүүсүнө алардын таасири жөнүндө **ой жүгүртөт;**
- ✓ эмгектин эл аралык географиялык бөлүнүшүндө «өлкөнүн жүзүн» аныктаган чарба тармактарын **атайт;**
- ✓ өлкөлөрдүн белгилүү бир аймакка таандыгын **аныктайт**, өлкөлөрдүн аймак ичиндеги бөлүштүрүлүүсүнүн классификациялык схемаларын **түзөт;**
- ✓ өлкөлөрдү мамлекеттик жана аймактык-административдик түзүлүшү боюнча **салыштырат;**
- ✓ дүйнөнүн айрым өлкөлөрүнүн саясий-географиялык жана экономикалык-географиялык абалын **баалайт;**
- ✓ аймактарды жана өлкөлөрдү жер, суу, гидроэнергетикалык, агроклиматтык жана табигый-рекреациондук ресурстар менен камсыздалуусунун даражасы боюнча **салыштырат;**
- ✓ айыл - чарбасынын жайгашуусунун жана өнүгүүсүнүн өзгөчөлүктөрүн, окулуп жаткан аймактарда жана өлкөлөрдө транспорттун үстөмдүк кылган түрлөрүн **аныктайт,** өлкөлөрдүн ортосундагы коммуникациялык байланыштарда анын ролун **баалайт;**
- ✓ «технополис», «технопарк» түшүнүктөрүн **чечмелейт,** алардын аймактарда жана өлкөлөрдө жайгашкан жерлерин контурдук карталарда **белгилейт,** алардын экономикага жана айлана-чөйрөнү сактоого таасиринин мисалдарын **келтирет;**
- ✓ типтүү план боюнча, окулуп жаткан аймактын (өлкөнүн) калкына жалпы мүнөздөмө **берет;**
- ✓ глобалдаштыруу жараяндарынын маңызын **ачат,** глобалдык көйгөйлөрдүн келип чыгышын алар менен байланыштырат;
- ✓ экономикалык ишмердүүлүктүн айлана-чөйрөгө таасиринин масштабдарынын **мисалдарын келтирет**, окулуп жаткан аймактардагы жана өлкөлөрдөгү экологиялык көйгөйлөрдү **аныктайт;**
- ✓ көрүнүү мүнөзү боюнча глобалдык көйгөйлөрдү **топтоштурат,**

классификациялык схеманы **түзөт;**

- ✓ глобалдык көйгөйлөрдүн (тандоо боюнча) маңыздуу мүнөздөмөлөрүн **ачат,** алардын өз ара байланыштарын, чечүү жолдорун **аныктайт;**
- ✓ туруктуу өнүгүүнүн түшүнүктөрүн, принциптерин, компоненттерин **ачат,** туруктуулук факторлорун жалпы адамзаттык баалуулуктар менен **байланыштырат;**
- ✓ глобалдык божомолдорго, гипотезаларга жана долбоорлорго ар түрдүү көз караштарды **сунуштайт,** өзүнүн жеке көз карашын **билдирет;**
- ✓ окулуп жаткан аймактардагы дүйнөлүк экономикалык кубаттуулуктар борборлорун **бөлүп көрсөтөт** (суперөлкөлөр, мунай казуучу өлкөлөр, жаңы индустриалдык өлкөлөр);
- ✓ аймактарды жана өлкөлөрдү чарба жүргүзүү ыкмалары (рационалдуу, рационалдуу эмес) боюнча **салыштырат.**

## ОКУУЧУНУН ОКУП –ҮЙРӨНҮҮ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Окутууда өзөктүү жана предметтик компетенттүүлүктөр оозеки жооптордун, жазуу түрүндөгү жана/же практикалык иштердин, практикалык сабактарга катышуунун негизинде окуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарына шайкеш келүүсү бааланат. Окуунун жыйынтыктарын текшерүү түрлөрү ар кандай болушу жана окуунун максаттуу жыйынтыктарына шайкеш келиши керек. Окуучу эмне жана качан бааланарын, баалоонун кандай түрлөрү жана чен-өлчөмдөрү пайдаланарын билиши керек.

Окуучунун окуп - үйрөнүүн натыйжаларына баа берүү күндөлүк, аралык жана жыйынтык бааларды камтыйт, бирок ал мурдагы баалардын орточо арифметикалык саны катары механикалык түрдө чыгарылбашы керек. Ар бир баанын салмагы окуу жараянында колдонулган иштин түрүнүн маанилүүлүгүнө жараша болот. **Күндөлүк баалоого 10%**; **аралык баалоого –70%**; **жыйынтык баалоого – 20%** бөлүү абзел; Баанын салмагынын пайыздык бөлүштүрүүсү окуучунун күтүлүүчү натыйжаларга кыймылынын траекториясына көз салууга мүмкүндүк берет. Күндөлүк баалоонун түрлөрүн мугалим өз алдынча аныктайт. Аралык баалоо үчүн окуучуга продуктивдүү жана конструктивдүү деңгээлдерде өзүнүн жетишкендиктерин баалоого мүмкүндүк берген түрлөрү сунушталат. Жыйынтык баалоо – чейректин, жарым жылдын, жылдын аягындагы текшерүү/контролдук иштерин болжолдойт.

**Окуучунун жекече окуп - үйрөнүү жетишкендиктерин баалоо модели**

**6-таблица**

| № | Баалоонун түрлөрү | Иштердин түрлөрү | Жыйынтык баадагы салмак |
|---|---|---|---|
| **1.** | **Күндөлүк баалоо** | | |
| 1. 1 | Мугалим өз алдынча аныктайт | Оозеки жооп, топтун/жуптун ишинин презентациясы, жазуу түрүндөгү класстык/үй иши | 10 % |
| **2.** | **Аралык баалоо** | | |
| 2. 1 | Жазуу иштери/булактар менен иштөө | Эссенин ар кандай түрлөрү. Реферат жазуу, аналитикалык иштер, тесттердин ар кандай түрлөрү, дил баяндар ж.б. | 10 % |
| 2. 2 | Оозеки түрлөр | Билдирүүлөр, презентациялар, докладдар, суроолорго жооптор | 10 % |

| № | Баалоонун түрлөрү | Иштердин түрлөрү | Жыйынтык баадагы салмак |
|---|---|---|---|
| 2. 3 | Долбоордук/изилдөө иштери | Изилдөө отчеттору, эксперименттин жыйынтыктарын баяндоо, лабораториялык иштер ж.б. | 20 % |
| 2. 4 | Портфолио | Портфолио аркылуу өзүнүн окуудагы жетишкендиктеринин презентациясы/публикациясы | 10 % |
| 2. 5 | Практикалык иштер | Карталар, атластар, приборлор менен иштөө | 20 % |
| **3.** | **Жыйынтыктоочу баалоо** | | |
| 3. 1 | Тематикалык, чейректик, жарым жылдык, жылдык текшерүү/контролдук иштери | Тест, жазуу түрүндөгү тапшырмалар, зачет ж.б. | 20 % |

Окуучулардын география боюнча жетишкендиктерин баалоо Кыргыз Республикасынын орто жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартында берилген деңгээлдерде жүргүзүлүшү керек:

- ***Репродуктивдүү (I деңгээл)*** – окуучулардын үлгүнү кайталоо алуу билгичтиги менен мүнөздөлөт (иштерди аткаруунун аныкталган алгоритми боюнча);
- ***Продуктивдүү (II деңгээл)*** – өздөштүргөн теориялык билимин тааныш эмес жагдайда колдонуусу менен мүнөздөлөт;
- ***Чыгармачылык (III деңгээл*****)** – окуу милдеттерин өз алдынча чечүүнү билдирет.

Деңгээлдик тапшырмаларды түзүүгө негиз болуп күтүлүүчү натыйжалар эсептелет, алар ушул документтин «Билим берүүнүн натыйжалары жана баалоо» деп аталган үчүнчү бөлүмүндө сунушталган.

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо баа төмөндөгү чен-өлчөмдөрдүн (критерийлердин) негизинде коюлат:

**«5» деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. окуу программасынын материалынын маңызын, окулуп жаткан түшүнүктөрдү, кубулуштарды, теорияларды, мыйзамченемдүүлүктөрдү, өз ара байланыштарды өз алдынча ачып көрсөтө алса;
2. негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алса жана аларды өз алдынча конкреттүү мисалдар жана фактылар менен тастыктай алса.
3. өз алдынча жана аргументтүү талдап, жалпылап жана жыйынтык чыгара алса;
4. алган билимдерди тааныш эмес кырдаалда колдоно алса.
5. 5 окуу материалын так, байланыштуу, негиздүү, логикалык ырааттулукта жана катасыз айтып бере алса;
6. 6 негизги түшүнүктөрдүн, мыйзамдардын, теориялардын түшүндүрүлүшүн так баяндап берсе жана жеке өзүнүн бүтүмүн чыгарса;

7. тажрыйбалардын жана байкоолордун жыйынтыктарын чыгаруу үчүн өз алдынча билим булактарын, көрсөтмө куралдарды, маалымдоо маалыматтарын, окуу китебин жана башка кошумча адабияттарды өз алдынча колдоно алса;
8. чиймелер, сүрөттөр, приборлор менен өз алдынча иштей алса;
9. географиялык картадан географиялык номенклатура боюнча объектини таба алса.

**"4" деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. окуган материалды айтып берип жатканда орчундуу эмес каталарды жана жетишсиздиктерди кетирүү менен программалык материалдын көлөмүн өз алдынча ачып берсе;
2. түшүнүктөрдүн жана аныктамалдардын мазмунун ачып көрсөтүүдө толук эмес жооп берсе жана илимий терминдерди же байкоо жүргүзүүдө жана тажрыйбаларда жыйынтыктарды, бүтүмдөрдү чыгарууда кээ бир каталарды кетирсе;
3. окуу материалын белгилүү логикалык ырааттуулукта айтып берсе, ошол эле учурда өз алдынча оңдой ала турган анча орой эмес бир ката кетирсе;
4. жообун конкреттүү мисалдар менен толуктаса;
5. окуп жаткан окуу материалындагы негизги жоболорду өз алдынча бөлө алса жана фактылардын, мисалдардын негизинде жалпылай алса, бүтүм чыгарса;
6. негизги географиялык өз ара байланыштардын маңызын ачып көрсөтсө;
7. географиялык номенклатураны билсе жана географиялык карта менен иштөөдө анча орой эмес каталарды кетирсе.

**"3" деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. окуу материалынын негизги мазмунун ачып көрсөтсө, материалды өздөштүрүүдө окуу программасын андан ары өздөштүрүүгө тоскоол болбогон кээ бир каталарды кетирсе;
2. окуу материалын баш аламан, үзүндү, дайыма эле ыраатсыз айтса;
3. жыйынтыктоолордо, жалпылоолордо жеткиликсиз ойдун топтолушун көрсөтсө, алсыз далилдесе, аларда каталарды кетирсе;
4. илимий терминдерди, түшүнүктөрдү пайдаланууда каталарды жана так эмес маалыматтарды берсе;
5. байкоолордон, фактылардан тажрыйбалардан жалпылоолорду жана жыйынтыктоолорду далил катары пайдаланбаса, аларды айтып берүүдө каталарды кетирсе;
6. теориялардын жана мыйзамдардын негизинде конкреттүү кубулуштарды түшүндүрүүдө кыйналса;
7. окуу китебинин текстин айтып бере алса, бирок тексттин мазмунун жеткиликсиз түшүнсө, одоно бир-эки ката кетирсе;
8. географиялык карта менен иштөө көндүмү жок болсо жана географиялык номенклатураны начар билсе.

**"2" деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албаса;

2. жалпылап, бүтүм чыгара албаса;
3. окуу материалынын көпчүлүк бөлүгүн билбесе жана түшүнбөсө;
4. белгилүү үлгүнүн негизинде суроолорду жана тапшырмаларды аткара албаса;
5. бир суроого жооп берип жатканда мугалимдин жардамы менен оңдоого мүмкүн болбогон одоно каталарды кетирсе;
6. географиялык карталарды пайдаланууда одоно каталарды кетирсе;
7. географиялык номенклатураны билбесе.

**"1" деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. берилген суролордун бирөөсүнө дагы жооп бере албаса;
2. окуу материалын толугу менен өздөштүрбөсө.

**Практикалык жана өз алдынча иштерди баалоонун чен-өлчөмдөрү**

**"5" деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. практикалык жана өз алдынча иштерди толугу менен өз алдынча аткара алса (зарыл болгон адабияттарды иргеп алуу, ишти аткаруунун кадамдары ж.б.).
2. иш таза аткарылса (презентабелдүү).

**"4" деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылса;
2. ишти аткаруунун сунушталган кадамдарында жана ишти жасалгалоодо алынуучу натыйжалардын тууралыгын таасир бербеген одоно эмес каталар кетирсе.

**"3" деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. практикалык иш жана аны жасалгалоо мугалимдин жардамы менен аткарса;
2. иш толугу менен аткарылбагандыктан кошумча окуу убактысын талап кылса же аны аткаруу үчүн үйдөн аткарып келүүгө тапшырма берилсе.
3. географиялык приборлор, статистикалык маалыматтар жана картанын атласы менен өз алдынча иштегенде кыйналса.

**"2" деген баа коюлат, эгер окуучу:**

1. практикалык же өз алдынча ишти аткарууга даяр эмес;
2. аткарылган иштин жыйынтыктары туура бүтүмдөрдү чыгарууга мүмкүндүк бербесе жана алдыга коюлган окуу максаттары менен дал келбесе.

## СУНУШТАЛГАН АДАБИЯТТАР:


### Негизги:

1. Кыргыз Республикасынын орто жалпы билим берүү мамлекеттик билим берүү стандарты. Бишкек, 2014.
2. Жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу планы.
3. География боюнча предметтик стандарт (6-11-класстар).
4. Жалпы билим берүү уюмдарынын география боюнча программасы (6-11-класс).
5. Кыргыз Республикасында саясий-маданий жана көп тилдүү билим берүү концепциясы. Бишкек, 2009.
6. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо. Мектеп мугалимдери жана квалификацияны жогорулатуу курстарынын окутуучулары үчүн методикалык колдонмо. Бишкек: «Maxprint», 2011.
7. Бакиров Н.Б., Осмонов А.О. Кыргыз Республикасынын географиясы, 8-9-класстардын китеби, Бишкек, 2012.

### Кошумча:

1. Бабурин В.А. Экономикалык география боюнча ишкердик оюндар. М.: Просвещение, 1994.
2. Ветошкин Д.А. ж.б. Коркунуч менен жакын жашаганга үйрөнөбүз. Мугалимдер үчүн методикалык китеп. Бишкек, 2009.
3. Винокурова Н.Н. ж.б. Жаратылышты пайдалануу боюнча методикалык китеп М.: Просвещение, 1995.
4. Куприн А. М. Мектеп картографиясы. М.: Просвещение, 1994.
5. Лисенкова Г.Я. 10-класста география боюнча лекциялар жана семинарлар М.: Просвещение, 1993.
6. Максаковский В.П. Дүйнөнүн экономикалык жана социалдык географиясы боюнча методикалык китеп. М.: Просвещение, 1994.
7. Максаковский В.П. Дүйнөнүн географиялык картинасы: тереңдөөнүн 230 каналы. Ярославль, 1996.
8. Мамедов Н. М., Суравегина Н.Т. Экология. М.: Просвещение, 1996
9. Петров К.М. Адамдын жана маданияттын экологиясы. Санкт-Петербург. Химиздат, 2000.
10. Подласый И.П. Педагогика. Китеп. М.: Юрайт, 2010.
11. Жалпы билим берүү мекемелеринин мугалимдери жана жетекчилери үчүн психологиялык-педагогикалык сөздүк. Ростов н/Д.: «Феникс» басмаканасы, 1998.
12. Сыдыков К.С., Молдошев К.О. Жаратылышты пайдалануу жана туруктуу өнүгүү. Бишкек, 2003.
13. Герасимов Г.П. География. 6-класстын китеби, М., 2012.
14. Коринская В.А., Душинина И.В. Материктердин жана океандардын географиясы. 7-класстын китеби, М., 2012.